# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ФЕВРАЛЬ 2017 | № 2 (75) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

Аймактарды өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды реформалоого карата Өнүктүрүү саясат институтунун сунуштары ........ 2

Аймактарды башкарууда жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүүгө жана КР мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү иштеп чыгууга карата КР ЖӨБ Союзунун сунуштары ........ 8

### Мыйзамдардагы жаңылыктар

Муниципалдык ишканалар жана муниципалдык заказ жөнүндө ........ 10

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттери жөнүндө ........ 10

Айыл өкмөт башчысын шайлоо учурунда жергиликтүү кеңештин кворуму жөнүндө ........ 11

Административдик комиссиялар жөнүндө ........ 11

Бишкек жана Ош шаарларындагы ички аудит кызматтары жөнүндө ........ 11

Аймактарды башкарууда жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө ........ 12

### Жарандардын ЖӨБго катышуусу

Жергиликтүү жамааттын коомдук иш-чараларга мүмкүн болушунча көбүрөөк катышуусуна кантип жетсе болот? ........ 13

*Калктын катышуу динамикасынын өсүшү* ........ *14*

*Маалымат өнөктүгү* ........ *17*

*Гендердик саясат* ........ *22*

Бюджетти сарптоо боюнча чечим кабыл алуу процессине барган сайын көбүрөөк жарандар тартылууда ........ 24

### ӨСИ жаңылыктары

Бишкекте 2018-2023-жылдарга жергиликтүү деңгээлдеги муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн системаларын оптималдаштыруу боюнча иш-чаралар планы тартууланды ........ 28

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштурууу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Аймактарды өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды реформалоого карата Өнүктүрүү саясат институтунун сунуштары

**Өнүктүрүү саясат институту Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарына бир нече маселелер боюнча консультациялык жана техникалык жардамдарды көрсөтүп келет: түрдүү багыттарда башкарууну жакшыртуу, анын ичинде муниципалдык финансыны (жергиликтүү бюджеттерди) жана муниципалдык менчикти (жерлерди жана курулмаларды) башкарууну жакшыртуу маселелеринде иш алып барат, мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча туруктуу аналитикалык иштерди жүргүзөт. 2011-жылдан тартып ушул кезге чейин Өнүктүрүү саясат институту "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорун ишке ашырып келатат. Бул долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт. Аталган долбоор ЖӨБ органдарынын бюджеттик ачык-айкындуулугунун деңгээлин, ЖӨБ органдарынын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүнүн деңгээлин жогорулатууга багытталган.**

**Өнүктүрүү саясат институту мамлекеттик да, жергиликтүү да стратегиялык документтерди, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына тиешелүү болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун жана сунуштамаларды даярдоого активдүү катышып келатат.**

**Өнүктүрүү саясат институту өз сунуштарын Туруктуу өнүгүү боюнча Улуттук кеңештин жана КР Президентинин 2018-жылдын 18-январындагы Тескемеси менен түзүлгөн жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча Жумушчу топтун кароосуна жиберди. Бул сунуштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууда топтолгон маселелерди чечүүгө багытталган. Ошондой эле негизги көйгөйлөрдү аныктап, ошол көйгөйлөрдү чечүү жолдорун "Таза Коом, Жаңы Доор" аттуу 2018 – 2040-жылдарга Кыргыз Республикасын Туруктуу өнүктүрүү стратегиясына киргизүү сунушу берилген.**

## 1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзам (же Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодекс)

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө колдонуудагы Мыйзам жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу укугун жана мүмкүнчүлүктөрүн концептуалдык түрдө чагылдырбайт, өзүнө жүктөлгөн функцияларды натыйжалуу аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга саясий, финансылык жана административдик өз алдынчалуулукту бербейт, ЖӨБ органдары менен мамлекет ортосундагы өз ара аракеттенүү механизмдеринин сүрөттөлүшүн жана регламентациясын камтыбайт. ЖӨБ органдарын түзүү тартибин өзгөртүү, алардын ыйгарым укуктарын күчөтүү, жергиликтүү маанидеги маселелерди конкреттештирүү жана чечмелөө, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүү, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмесин тактоо, ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү механизмдерин так регламенттештирүү ж.б. учурдун талабы болуп турат.

*Эскертүү: айрым багыттар 2018-2022-жылдар мезгилине ЖӨБдү өнүктүрүү Программасынын долбооруна кирген.*

## 2. Пландоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү

*(иштелип жаткан мыйзамдардын сунушталган варианттары: регионалдык пландоо жөнүндө мыйзам, мейкиндикти пландоо жөнүндө мыйзам, стратегиялык пландоо жөнүндө мыйзам, социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландоо жөнүндө мыйзам, аймактык башкаруу жөнүндө мыйзам жана социалдык-экономикалык өнүгүүнү комплекстүү пландоо жөнүндө мыйзам).*

Пландоо системасында эки ажырым бар. Вертикалдык ажырым: ведомстволук өнүгүү программалары жер-жерлерде өз ара координацияланбайт, бул болсо райондор жана муниципалитеттер деңгээлинде айырманын пайда болуусуна алып келүүдө. Горизонталдык ажырым: ЖӨБдүн өнүгүү программалары мамлекеттик программалар менен эч байланышкан эмес. Геомаалыматтарга, социалдык-экономикалык маалыматтарга негизделген комплекстүү мейкиндикти пландоо жок. Социалдык-экономикалык пландан алып караганда да, мейкиндик жагынан караганда да пландоочу кесиби жок. Мейкиндикти пландоо дегенде шаар куруу жана архитектура тууралуу эски көз караш басымдуулук кылат, мында социалдык жана экономикалык факторлор эсепке алынбайт, ошондой эле улуттук жана субулуттук деңгээлдерде стратегиялык максаттар эсепке алынбайт. Башкаруунун бардык деңгээлдерин байланыштырган пландоонун улуттук системасын түзүү өтө зарыл болуп турат. Ага мейкиндикти пландоо кошулушу керек. Социалдык-экономикалык пландоо мейкиндик, аймак менен байланышта болууга тийиш.

*Эскертүү: ЖӨБ, мамлекеттик райадминистрация жана министрликтер деңгээлинде байланыштырган пландоо модели жөнүндө иштелип чыккан сунуштар бар. КР Экономика министрлигинде аймактык башкаруу жана комплекстүү пландоо жөнүндө мыйзамдын концепциясы бар (Дүйнөлүк банктын колдоосу алдында даярдалган).*

## 3. Улуттук байгерчилик фондун түзүү жөнүндө сунуштар

*(вариант катары: коомдун байгерчилик фонду жөнүндө мыйзам, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү).*

Жер казынасынан түшкөн киреше – бул улуттук байлык болуп саналган жаңыртылбаган булактардан бир жолку түшүүлөр. Мындан улам алар азыр жашап жаткандарга гана эмес, келечек муунга да таандык. Бүгүнкү күндө бул байлык натыйжасыз эле "жерге көмүлүүдө" – Региондорду өнүктүрүү фонддору бөлгөн гранттар аркылуу техника сатып алынып, мааниси аз объекттер курулуп, оңдолуп келатат. Улуттук байлык чачыранды болуп, натыйжасыз жок кылынууда.

Улуттук байлыкты муундар ортосунда акыйкат бөлүштүрүп, болочоктогу муктаждыктарды жана өнүгүү максаттарын камсыз кылуу үчүн, ошондой эле калдык принциби боюнча каржыланган же такыр эле каржыланбаган тармактарга акча салуу үчүн жер казынасынан түшкөн кирешени пайдалануу системасын түп тамырынан бери өзгөртүү зарыл. Бул кирешелердин бир бөлүгү инвестициялык капитал түрүндө сакталып, бул инвестициялардан түшкөн кирешеге улут үчүн маанилүү долбоорлор каржылануууга тийиш. Мисалы, илим, маданият, технологиялар, жарандык коом, мамлекеттик тил жана улуттун келечегин түптөгөн башка чөйрөлөр каржыланышы керек. Улуттук байгерчилик фондун түзүү боюнча иштелип чыккан концепция бар.

## 4. Административдик-аймактык реформаны ийгиликтүү өткөрүү

КР Өкмөтү 2012-жылдын 23-мартындагы №198 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык реформанын концепциясын бир жаңсыл чечүү (ААР жөнүндө бекитилген Концепцияны жаңылоо/тактоо).

"ААР жөнүндө" атайын КР Мыйзамын иштеп чыгып, кабыл алуу. Бул болсо мамлекеттик бийлик органдарына жана ЖӨБ органдарына белгиленген эрежелердин чегинде ААР боюнча тапшырмаларды аткарууга жол ачат, талап кылынган финансылык чыгымдар менен камсыз кылып, белгиленген мөөнөттө тараптарга ААР боюнча зарыл иш-чараларды жасоого шарт түзөт.

ААР жөнүндө атайын мыйзамда реформанын максаттары жана милдеттери, тараптар, алардын укуктары жана жоопкерчилиги, ошондой эле тиешелүү мөөнөттөрдө ААРди жүргүзүү үчүн финансылык ресурстар аныкталууга тийиш.

Башкаруу органдары жергиликтүү жамаатка дагы да сапаттуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтө алышы үчүн административдик аймактарды оптималдаштыруу ААРдин негизги максаты катары аныкталышы керек.

ААРди жүргүзүү административдик аймактардын, региондордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, аларга жүктөлгөн милдеттерди өз алдынча аткара алууга, эффективдүү башкаруу системасын курууга көмөк көрсөтүшү керек. Мындай система жарандардын сапаттуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

Мыйзам административдик реформаны жүргүзүүнүн критерийлерин деталдуу түрдө аныкташы керек. Бул реформа жаңы аймактарда калктын санын, анын экономикалык, жаратылыш жана башка ресурстарын теңдөөгө багытталышы керек (мисалы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймагында калктын минималдуу санын 10 000 жана андан жогору деп аныктап, анын экономикалык, та-

бигый жана башка ресурстарын эсепке алып, ошондой эле айылдардын жана шаарлардын географиялык жактан орун алуусун, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ыңгайлуулугун эсепке алса болот).

Мыйзам менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыктыярдуу биригүүгө мүмкүнчүлүк берүү зарыл. Мында бул үчүн мөөнөт белгиленип, критерийлер аныкталат. Ошол эле маалда мыйзамда ЖӨБ органдары белгиленген мөөнөттө ыктыярдуу бириге албаган учурда мажбурлоо жолу менен бириктирүү чаралары да каралууга тийиш. Мындай учурда “КРда административдик-аймактык түзүлүштөр жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү да талап кылынат – ага ылайык, ЖӨБОну мажбурлап бириктирүү боюнча Өкмөткө функциялар жана ыйгарым укуктар берилиши керек. Бул максаттарга бюджеттен жумшалчу чыгымдарды азайтуу үчүн ААР реформасын аймактарды башкаруу органдарына кийинки шайлоого чейин жыйынтыктаса болот.

Мындан тышкары мыйзам муниципалитеттердин биригүүсүнүн натыйжасында ишсиз калган жана башка муниципалдык кызматчылар үчүн кепилдиктерди жана компенсациялык чараларды да караштырышы керек (айлык акыны көбөйтүү, иштен бошотулган штаттагы кызматкерлер үчүн жөлөкпул берүү ж.б.)

*Эскертүү: ААР жөнүндө Мыйзамды иштеп чыгып, КРда ААР Концепциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат.*

## 5. ЖӨБ органдарынын ассоциациялары (союздары) аркылуу ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү

ЖӨБ органдарынын ассоциацияларынын (союздарынын) статусун мыйзамдар менен бекемдөөгө зарылчылык бар. Бул үчүн атайын мыйзамды иштеп чыгууну сунуштайбыз. Горизонталдык жактан да (ЖӨБ – ЖӨБ), вертикалдык жактан да (ЖӨБ – мамлекет) ЖӨБ органдарынын өз ара байланышын жакшыртып, күчтөндүрүү ЖӨБ органдарынын ассоциациялары (союздары) жөнүндө мыйзамды кабыл алууга негиз болуп саналат.

Мыйзам ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен байланыш түзүү механизмин институционалдаштыруу максатын көздөйт.

Мыйзамдын милдеттери:

- жергиликтүү жамааттар менен мамлекет ортосунда байланыш каналдарын жана отчеттуулук механизмдерин институционалдаштыруу;
- борбор менен региондор ортосундагы өнүгүү кызыкчылыктарынын балансына жетүү максатында мамлекет менен ЖӨБ органдары ортосундагы сүйлөшүү процессин институционалдаштыруу;
- методологияларды, продукттарды жана мыкты практиканы киргизүү жана жайылтуу боюнча туруктуу механизмди түзүү;
- горизонталдык деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда тажрыйба алмашуу боюнча туруктуу системаны түзүү.

Горизонталдык өз ара аракеттенүү зарылчылыгы ЖӨБ органдарынын керектөөлөрүнөн улам пайда болду:

- жалпы көйгөйлөрдү чечүү жана муниципалдык башкаруунун сапатын жакшыртуу максатында маалымат, мыкты практика, башкаруунун продукттары жана усулдары менен алмашып турууга муктаждыктан улам;
- ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат менен кызматташтыгын жакшыртуу муктаждыгынан улам;
- жарандык коом менен бизнестин кызматташуусун жакшыртуу муктаждыктан улам пайда болду.

ЖӨБ органдарынын КР Жогорку Кеңешин, КР Өкмөтүн, министрликтерди жана ведомстволорду кошкондо, түрдүү мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү боюнча туруктуу системанын жоктугунан улам вертикалдык өз ара аракеттенүү зарылчылыгы пайда болду. Вертикалдык өз ара аракеттенүү төмөнкү максаттарга жетүү үчүн керек:

- маалыматты “төмөндөн жогору карай”, мисалы, жергиликтүү жамааттардан Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө берген туруктуу каналды түзүү үчүн;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле улуттук деңгээлде алардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн;
- жалпысынан өлкөнүн жана өз-өзүнчө жергиликтүү жамааттардын туруктуу өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликти, ыйгарым укуктарды жана ресурстарды бөлүштүрүү балансын орнотуу максатында башкаруунун улуттук жана жергиликтүү деңгээлдери ортосунда сүйлөшүү процессин түзүү үчүн;
- мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара отчеттуулугун күчөтүү үчүн керек.

Мындай өз ара аракеттенүүнүн жоктугу же жетишсиз болушу бир топ иштерди аксатып жатат. Мисалы, улуттук жана жергиликтүү өнүгүү программаларынын максаттарына жетүүгө, жарандык укуктарды ишке ашырууга, ЖӨБ органдарынын потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүүгө, өлкө жарандарын жеткиликтүү жана сапаттуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылууга бут тосуп келатат.

## 6. КР Бюджеттик кодекси, тармактык мыйзамдар

Өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максаты –

жергиликтүү бюджеттерди өз убагында түзүү жана бекитүү үчүн ЖӨБ органдарынын бюджеттик календарына өз алдынча, республикалык бюджеттен көз карандысыз мүнөз берүү. Ошол эле маалда республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосунда кирешелерди бөлүштүрүү системасын тиешелүү башкаруу органдарына жүктөлгөн функцияларга ылайык өзгөртүү зарыл. Жергиликтүү бюджеттин кирешелер булагын кайра карап чыгуу боюнча мындай чара 2016-2019-жылдарга Кыргыз Республикасында Бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү Концепциясында (БМӨК) каралган, бирок иш жүзүнө ашкан эмес. КР Бюджеттик кодексине жана түрдүү тармактык мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизиш керек.

Иштелип чыккан мыйзам долбоору бар (2017-жылдын 14-апрелинде № 6-8483/17 каттоодон өткөн). Жергиликтүү бюджеттин киреше курамынан сатуудан түшкөн салыкты чыгарып салуу жана киреше салыгы жана салык боюнча кирешени 100% жергиликтүү бюджетке өткөрүп берүү бөлүгүндө бул мыйзам долбоорун толуктоо зарыл.

### 7. Кыргыз Республикасында жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана аткаруу процесстерин автоматташтыруу стратегиясы

Жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана аткаруу процесстерин маалыматташтыруу жана автоматташтыруу бюджет аралык мамилелердин ачык-айкындуулугуна таасирин тийгизген маанилүү тапшырма болуп саналат.

Бүгүнкү күндө автоматташтыруу боюнча тапшырмалар КР Өкмөтүнүн түрдүү документтеринде ар башкача белгиленген:

- жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн болжолдоо үчүн экономикалык жана статистикалык көрсөткүчтөрдүн бирдиктүү автоматташтырылган базасын иштеп чыгуу (КРда мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүүнүн 2017-2025-жылдарга карата Стратегиясынын (МФБӨС) 1.3.6-п.);
- жергиликтүү бюджеттерди пландоо процессин автоматташтыруу (МФБӨС, 1.3.8-п.):
- отчеттуулук жана документ жүргүзүүнүн электрондук системасын киргизүү (БМӨКтү ишке ашыруу боюнча Пландын 1.3-п.).

Автоматташтыруу стратегиясы комплекстүү мүнөзгө ээ болуп, 2016-2019-жылдарга карата Кыргыз Республкиасында бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү Концепциясы менен макулдашылууга тийиш.

*Эскертүү: Автоматташтыруу Стратегиясынын долбоорун иштеп чыгуу талап кылынат.*

### 8. Теңдештирүүчү гранттар жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү:

*теңдештирүүчү гранттарды эсептөөнүн жаңы методикасын иштеп чыгуу зарыл; "2018-жылга республикалык бюджет жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.*

Концептуалдык жактан алганда: теңдештирүү системасынын максаты аныкталган эмес: минимум боюнча, орточо жагынан алганда, өнүктүрүү максатында чабал аймактарга дем берүү.

Техникалык жактан алганда бир топ маселелер бар, алар төмөнкүлөр.

КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-июнундагы №321 Токтому менен бекитилген Теңдештирүүчү гранттарды эсептөөнүн методикасы татаал, ачык-айкын эмес, бул болсо теңдештирүүчү гранттардын суммасын эсептегенде бурмалоолорго мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле ал ЖӨБ органдарын жергиликтүү бюджеттерди толуктоого шыктандырбайт. Орто мөөнөттүү перспективада жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин адилеттүү, түшүнүктүү жана эффективдүү теңдештирүүнү камсыз кылган методика кабыл алынууга тийиш.

Кыска мөөнөттүү мезгилде теңдештирүүчү гранттарды бөлүштүрүү бөлүгүндө ЖӨБ органдарынын деңгээлинде бюджеттик процесстердин өнүгүүсүнө бут тосуп келаткан факторлорду жок кылуу үчүн үч айдын ичинде "2018-жылга республикалык бюджет жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизиш керек. Бул өзгөртүүлөр төмөнкүгө байланыштуу болушу керек: мыйзамдар менен каралган ыйгарым укуктардын чегинде салыктардын төрт түрү (жер салыгы, мүлк салыгы, ыктыярдуу патент, милдеттүү патент) боюнча ставкаларды жана коэффициенттерди көтөрүү же салыктарды башкарууну жакшыртуу боюнча ЖӨБ органынын демилгесинин эсебинен жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин өсүшү. Бул үч жылдын ичинде теңдештирүүчү гранттардын көлөмүн өзгөртүү үчүн негиз болуп саналбайт.

*Эскертүү: маселе КР Өкмөтү бекиткен бюджет аралык мамилелердин реформалоо Концепциясына (мындан ары – БАМР Концепциясы) кирген. Бирок концепция ишке ашырылбай келет.*

### 9. Жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн регламентин иштеп чыгуу

Жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн регламентин иштеп чыгып, кабыл алуу керек. Бул болсо ЖӨБ органдарынын деңгээлинде бюджеттик процесстерде мамлекеттик органдардын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү үчүн; жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана аткаруу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын так регламентациялоо үчүн зарыл. Мындай чара БАМР Концепциясында каралган, бирок ишке ашырылган эмес.

### 10. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо методикасы

Ушул тапта берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо үчүн трансферттерди эсептөөнүн Убактылуу методикасы иштеп жатат. Аны өркүндөтүү каражаттарды бөлүүдө тең салмактуулукту камсыз кылат. Эгерде ачык-айкын формула болбосо, анда каражат Финансы министрлигинин жооптуу адамдарынын чечимине жараша субъективдүү бөлүнүп калат. Мындан улам кабыл алынган чечимдерде коррупциялык аракеттер күчөйт. Методиканы иштеп чыгуу зарылчылыгы КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 22-декабрындагы №696 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүүнүн 2017-2025-жылдарга карата Стратегиясында (МФБӨС) да көрсөтүлгөн.

### 11. Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилген каражаттар аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын каржылоонун тартиби жөнүндө КР Өкмөтүнүн токтому

Бул тапшырма БАМР Концепциясында да коюлган (БАМР Концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын 2.4-пункту). Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилген каражаттарды каржылоонун азыркы системасына анализ жана мониторинг жүргүзүү зарыл. Сунуштарды даярдаганда эл аралык тажрыйбаны эсепке алуу менен каржылоонун жаңы ыкмаларына негизделиш керек.

### 12. Жергиликтүү бюджеттердин айкындуулугун жогорулаткан жана жарандарга бюджеттик процесске катышуу мүмкүнчүлүгүн берген методикалар

Жергиликтүү жамааттардын ресурстарын башкаруу жана тескөөнүн рационалдуу системасын түзүү тапшырмасы жергиликтүү бюджеттин киресинин өсүшү менен катар, бир эле маалда коомдук мониторинг жана контролду жогорулатууну, буга ылайык жергиликтүү бюджетти башкарууда жарандардын ролун жогорулатууну да караштырат. Жарандардын маалымат алууга жана бюджеттик процесске катышууга укуктары жөнүндө конституциялык талаптарды ишке ашыруу үчүн (КР Конституциясынын 52-беренеси) жарандардын бюджеттик процесске катышуусу үчүн укуктук базаны түзүү зарыл. Бул ченемдик-укуктук актылар жеринде калктын башкаруу органдарына болгон ишениминин өсүшүнө жана бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшөт.

Жарандар үчүн түшүнүктүү болгон бюджетти түзүүнү камсыз кылган КРнын жергиликтүү бюджеттери боюнча Жарандык бюджетти түзүү методикасы КР Финансы министрлигинин 2017-жылдын 26-декабрындагы №166 Буйругу менен бекитилген. Коомдук угууларды өткөрүү методикасынын долбоору иштелип чыккан (Финансы министринин Буйругу менен бекитүү үчүн). Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо методикасынын долбоорун Финансы министрлиги КР Өкмөтүнүн кароосуна жиберген.

Бул методикалар туруктуу, ачык-айкын бюджеттик системаны жана жарандардын бюджеттик процесске катышуусу үчүн шарттарды түзүү максатында КР Өкмөтүнүн токтомдору менен кабыл алынган.

Ушул тапта Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо методикасынын Долбоору КР Өкмөтүнүн кароосуна берилди. Жарандык бюджетти түзүү методикасын бекитүү үчүн укуктук негиз бар (КР Бюджеттик кодексинин 126-беренеси).

Коомдук угууларды өткөрүү методикасын КР Өкмөтү бекитип бериши үчүн тиешелүү мыйзам долбоорун депутаттар Жогорку Кеңешке жиберишкен жана учурда КР Өкмөтүндө экспертизадан өтүүдө (катталган № 6-8483/17, 14.04.2017).

### 13. ЖӨБ органдарынын ишин автоматташтыруу

ЖӨБ органдарынын (ЖӨБдүн аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдары) ишин автоматташтыруу:

ЖӨБ органдарынын иши өтө чоң көлөмдөгү маалыматтарды берүүгө, ошол эле учурда бул маалыматтарды суроо-талапка жараша жогору турган мамлекеттик органдарга берүүгө байланышкан. ЖӨБО аппаратын башкаруу бүгүнкү күндө анын жетекчилери үчүн өтө оор тапшырма болууда. ЖӨБО аппаратынын ишинин ири бөлүгү башкаруунун бюрократиялык системасына байланган, кадрлардын бир орунда токтобой жатышы да ишке кедергесин тийгизип жатат.

ЖӨБ органдарын сапаттуу интернет байланышы менен камсыз кылып, алардын ишин автоматташтыруу жогоруда аталган тапшырмаларды комплекстүү чечүүгө жол ачат, иш процессин жана маалыматтарды эсепке алууну жүргүзүү ишин жеңилдетет. ЖӨБОнун дайындар базасын башкарууга жана эсепке алууга байланышкан негизги ишин толугу менен автоматташтырса болот. Бул болсо бирдиктүү маалыматтык системаны уюштурууну камсыз кылат. Мунун натыйжасында ЖӨБ органдарынын аппаратынын ишиндеги бизнес-процессти натыйжалуу башкарууга жетекчилик жол ачат.

Бүгүнкү күндө ЖӨБО аппаратында муниципалдык мүлктү башкаруу (жерди, объекттерди ижарага берүү же ажыратуу), социалдык коргоо, салыктык жана салыктык эмес төлөмдөрдү жыйноо, эсепке алуу боюнча маселелерди башкаруу, документтерди жүргүзүүнү жана архивдештирүүнү башкаруу, муниципалдык кызматчылардын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүнү кошкондо кадр маселелери, жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, ЖӨБОнун ишинде айкындуулукту










камсыздоо, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча отчет тапшыруу – ушул жана башка көптөгөн башкарууга байланышкан процесстер колго жасалып, кызматчылардын иш убактысынын олуттуу бөлүгүн алып жатат. Бул иштерди автоматташтырса, алар бир кыйла натыйжалуу жана эффективдүү жасалып, төмөнкүлөрдү кепилдейт:

- башкарууга байланышкан чечимдердин эффективдүүлүгү артат;
- иш убактысы үнөмдөлөт;
- ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдар ортосундагы өз ара байланыш оптималдуу болот (маалымат жыйноо жана чогултууда, электрондук отчетту берүүдө ж.б.);
- иш процессинин ачык-айкындуулугу камсыздалат;
- кызматчылардын иши натыйжалуу болот;
- эффективдүүлүктүн өзөктүк көрсөткүчтөрүнүн негизинде аппараттын жана кызматчылардын ишине мониторинг жүргүзүү системасы түзүлөт.

Өз кезегинде электрондук документ жүргүзүү системасын киргизүү менен ЖӨБ органдары иш өндүрүшүн автоматташтыруу, документтерди даярдоо жана архивдештирүү боюнча тапшырмаларды гана аткарбастан, ошол эле маалда жарандарга жана башка кызыкдар адамдарга электрондук түрдө муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (анын ичинде берилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр) боюнча эффективдүү чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Документ жүгүртүү ишин автоматташтыруу төмөнкүлөр боюнча тапшырмаларды аткарууга жол берет:

- жарандарга жана бизнеске берилген муниципалдык (анын ичинде мамлекеттик) кызмат көрсөтүүлөрдү өркүндөтүү;
- документ жүгүртүүнүн бардык катышуучулары ортосундагы жемиштүү кызматташуу;
- аткаруучулук дисциплинага көзөмөлдү күчөтүү;
- кирген-чыккан каттарды натыйжалуу эсепке алууну уюштуруу, документтерди кароо жана аткаруу жол-жоболорун автоматташтыруу;
- жарандардын кайрылуулары менен ачык-айкын ишти уюштуруу, алынган суроо-талап боюнча жооп кайтаруу мөөнөттөрүн андан ары көзөмөлдөп туруу;
- жарандардын жана башка кызыкдар жактардын документтерге жана маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- кызматчылардын ченемдик укуктук актыларынын электрондук базасына жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу ж.б.

Эскертүү: финансылык камсыздоосу менен кошо тиешелүү ЧУАны кабыл алуу талап кылынат. M

# Аймактарды башкарууда жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү жана КР мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү иштеп чыгууга карата КР ЖӨБ Союзунун сунуштары



**КР Президентинин 2018-жылдын 18-январындагы "Аймактарды башкарууда жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү иштеп чыгуу боюнча чаралар жөнүндө" Буйругу менен, Президенттин №3 Буйругу менен жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча Жумушчу топ түзүлгөн.**

**Жумушчу топтун курамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, министрлер жана администрациялык ведомстволордун жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана эксперттер кирди. Ошондой эле Жумушчу топтун курамына КР ЖӨБ Союзунун директору Өмүрбек АЛМАНБЕТОВ да кирди.**

**Улуттук деңгээлде ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарынын мыйзамдуу өкүлү болуп саналган КР ЖӨБ Союзу Жумушчу топко жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын көз карашынан алып караганда Кыргыз Республикасындагы аймактардын өнүгүүсүнүн келечеги жөнүндө өз сунуштарын берди.**

Мамлекеттик бийлик органдары менен ЖӨБдүн өз ара аракеттенүүсү алар башкаруунун башкы объекттерине карата бери дегенде өнөктөш катары тең дегенди билдирет. Бул өз ара аракеттенүү жалпы максатка жетүү үчүн жасалат. Максат – ар бир муниципалитеттеги жана жалпысынан региондогу калктын турмуш деңгээлин жана сапатын жогорулатуу. Жергиликтүү маанидеги маселелерди мамлекеттик кызыкчылыктардан бөлүп кароого болбойт, алар мамлекеттин таасирисиз калбайт жана калбашы да керек.

Буга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен байланышын жакшыртуу үчүн, бир жолку биргелешкен маселелерди чечүү үчүн биргелешкен убактылуу топторду жана комиссияларды түзүү сунушталат. Ал эми туруктуу байланышта болууну талап кылган маселелерди чечүү үчүн биргелешкен жыйындардын мүчөлөрүнүн ичинен туруктуу жумушчу топторду жана комиссияларды түзүү сунушталат.

Бул максаттарда Союз "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайт. Бул өзгөртүүлөр жергиликтүү кеңештердин биргелешкен отурумдар институтун сактап калууну, алардын функцияларын жана укуктарын кайра карап чыгууну караштырат.

Мындан тышкары горизонталдык жана вертикалдык байланыштарды жакшыртуу өңдүү бардык муниципалдык түзүлүштөргө тиешелүү маселелер да бар. Бул жерде Союз биргелешкен ишти муниципалдык түзүлүштөрдүн ассоциациялары жана союздары аркылуу жүргүзүү дагы да жакшы жана эффективдүү болот деп эсептейт. Кыргыз Республикасында бардык муниципалитеттер КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзуна бириктирилген. Союздун мыйзамдар менен бекитилген укуктук шарттары жетиштүү. Ошол эле

маалда муниципалитеттерди коргоо жана улуттук деңгээлде алардын таламын талашуу үчүн Союздун укуктары жетишсиз болуп жатат. Мындан улам "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын ассоциациялары жана союздары жөнүндө" КР Мыйзамын иштеп чыгууну сунуштайбыз.

Кыргыз Республикасынын Президенти ЖЭЭНБЕКОВ Сооронбай Шарипович өз сөзүндө козгогон маанилүү маселелердин бири – бул тармактык пландоону тартипке келтирүү.

Ушул тапта министрликтер тармактык программаларды өз алдынча пландашат, өздөрү аткарышат жана аткарылышы тууралуу өздөрү отчет беришет. Башкача айтканда иш жүзүндө өздөрүнө өздөрү баа беришет. Жарандар жана ЖӨБ органдары баалоо жана баалоонун жыйынтыктары боюнча пландоо процессинен чыгарылган. Капиталдык салымдарды пландоо район деңгээлинде артыкчылыктуу керектөөлөрдү координациялабастан эле жүзөгө ажырылып келатат.

Буга байланыштуу Союз "Пландоо жөнүндө" жаңы КР Мыйзамын иштеп чыгууну сунуштайт. Бул мыйзам өнүгүүнүн тармактык программаларын түзүп жатканда жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын эсепке алууну караштырмак. Программаларды даярдап жатканда маморгандар калктын пикирин эсепке ала тургандай укуктук ченемди иштеп чыгуу зарыл. Ар бир аймактын деңгээлинде тармактык мамлекеттик программалардын ишке ашырылышын баалоо системасын киргизүү керек. Капиталдык салымдарды пландап жатканда район деңгээлинде маморгандардын аймактык бөлүмдөрүнүн өз ара аракеттенүүсү болушу керек, артыкчылыктуу маселелер тууралуу маалымат алмашуу милдети акимдерге жүктөлүүгө тийиш.

Мамлекеттик башкаруу башкаруучулук таасирди гана тийгизбестен, ошону менен бирге мамлекеттин жана анын субъекттеринин жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен кызматташуусун камсыз кылышы керек. Бул болсо муниципалдык түзүлүштөрдүн максаттуу жана эффективдүү иштешин камсыздайт. Ошол эле маалда өз алдынча башкаруу өзү менен калбашы керек, ал жалпы бир түзүлүштүк органикалык бөлүгү катары каралууга тийиш. Мамлекеттик башкаруу системасында түз жана кайтарым байланыштардын опитмалдуу айкалышуусу чоң мааниге ээ.

Өз ара мамилелерди үндөштүрүү максатында "Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө" өзүнчө Мыйзамды иштеп чыгуу сунушталат. Бул мыйзам калктын кызыкчылыгында мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди эффективдүү чечүү үчүн өз ара аракеттенүүнүн жалпы принциптерин белгилейт. Же болбосо Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө КР Кодексин иштеп чыгууну, ага жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү бардык маселелерди кошууну сунуштайбыз.

Ошондой эле Союз маморгандардын, жергиликтүү органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жакшыртууга тиешелүү бир катар сунуштарды берди. Алар төмөнкүлөргө тиешелүү:

- мамлекеттик органдарды башкаруу боюнча учурдагы моделди тармактык принциби боюнча кайра карап чыгуу, аймактык-тармактык принциптин элементтерин колдонууга ырааттуу өтүү;
- министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине карата жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларына жана облустук маанидеги шаарлардын мэрлерине тиешелүү кадрдык ыйгарым укуктарды берүү;
- мамлекеттин жана жергиликтүү жамааттардын жер ресурстарын башкаруунун жана тескөөнүн рационалдуу системасын түзүү, ал жергиликтүү мамлекеттик администрацияларлардын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатууну караштырат;
- жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү мүмкүн болушунча көбүрөөк эсепке алуу жана бийлик органдары менен калк ортосунда түз жана кайтарым байланышты бекемдөө;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн бекем регламенттерин кошкондо, алардын ишин так жана ачык-айкын жүргүзүүнүн жолжоболору;
- региондорду өнүктүрүү долбоорлорун республикалык бюджеттен каржылоо жана ишке ашырылышын көзөмөлдөө практикасын оптималдаштыруу жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу, анын ичинде жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга тиешелүү ыйгарым укуктарды берүү;
- жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин башкаруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыйгарым укуктарды берүү менен, жергиликтүү бюджеттердин булактарын көбөйтүү;
- жергиликтүү өнүгүүнү башкаруу процесстерин сапаттык жактан жакшыртууга багытталган мыйзам чыгаруучулук, уюштуруучулук жана башка мүнөздөгү чараларды көрүү, мында жалпы элдин жана мамлекеттин кызыкчылыктарын эсепке алуу, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарынын ролун, ыйгарым укуктарын жана жоопкерчилигин күчөтүү.

Бул сунуштарды КР ЖӨБ Союзунун Башкаруусунун мүчөлөрү 2018-жылдын 21-февралында өткөн отурумда талкуулап, жактырышты.

M

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

**Нуржан МАМЫРАЛИЕВА** даярдаган, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору

## Муниципалдык ишканалар жана муниципалдык заказ жөнүндө

2018-жылдын 27-январында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзам күчүнө кирди. Кабыл алынган мыйзам 2017-жылдын 1-январынан тартып КР Бюджеттик кодекси иштей баштагандыктан "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" КР Мыйзамы күчүн жоготконуна байланыштуу мыйзамдарда пайда болгон боштуктарды жок кылууга, ошондой эле ЖӨБ органдарынын финансы-экономикалык ишине тиешелүү айрым ченемдерди конкреттештирүүгө жана тактоого багытталган.

Күчүнө кирген мыйзам "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 61-62-беренелерине өзгөртүүлөрдү киргизип, ошондой эле мыйзамды 62-1 жана 62-2-беренелер менен толуктайт. Аталган ченемдерде кабыл алынган Мыйзам:

- жергиликтүү жамааттардын финансылык ресурстарын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздеринин объекттер тизмегин конкреттештирет;
- ЖӨБ органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүү, ошондой эле акционердик коомдорго катышуу максаттарын жана милдеттерин аныктап, тактайт;
- ЖӨБ органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүү максатын так белгилейт – ЖӨБ органдарынын милдети болуп саналган кызматтарды көрсөтүү үчүн гана муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө уруксат берилет;
- ЖӨБ органы менен ал негиздеген муниципалдык ишкананын же акционердик коомдун өз ара мамилелерин, ошондой эле ЖӨБ органдарына таандык болгон акционердик коомдордун акцияларын башкарууну, тескөөнү караштырат;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган жумуштарды аткаруу жана кызматтарды көрсөтүү үчүн муниципалдык заказды жүзөгө ашырууга карата ЖӨБ органдарынын укуктарын белгилейт;
- жергиликтүү жамаатка дагы да эффективдүү жана ыкчам кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн ЖӨБ органдарынын мамлекеттик органдар, ЖӨБдүн башка органдары, аймактын өз алдынча башкаруунун башка органдары менен кызматташуу механизмдерин караштырат.

**ЖӨБ органдарынын назарына!** Мыйзамдагы бул өзгөртүүлөр ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин чегинен чыккан бизнес, ишкерчилик менен алектенүүгө укугу барбы деген суроого тактык киргизүүдө. Бул тууралуу толугураак "Муниципалитет" марттын журналынын санда окуй аласыз (№3).

## Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттери жөнүндө

Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү процессинде ишке ашырылуучу административдик жана башка иш-аракеттерди тартипке салуу жана оптималдаштыруу, алардын сапатын жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы №26 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө" Токтому менен Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө Жобо бекитилди.

Өкмөттүн Токтому менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгууда электрондук (санарип) форматка которуу жолу менен мамлекеттик жана му-

ниципалдык кызматтарды көрсөтүү процессинде аткарылуучу жол-жоболорду (иш-аракеттерди) оптималдаштыруу жана ашыкчасын жоюу жөнүндө маселелерди карап чыгышсын;

мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бекитилген административдик регламенттерин ишке киргизүүнү жана аткарууну камсыз кылышсын;

отчеттук кварталдан кийинки айдын 5ине чейинки мөөнөттө мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу жыйынтыктары жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке беришсин.

## Административдик комиссиялар жөнүндө

КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 2-февралындагы №77 Токтому менен "Административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын административдик комиссиялары тууралуу типтүү жобону бекитүү жөнүндө" КР Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" Токтом кабыл алынды. Ага ылайык, комиссия Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине ылайык жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын компетенцияларынын алкагында административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 509 жана 5341-беренелерине ылайык кароого укуктуу.

## Айыл Өкмөт башчысын шайлоо учурунда жергиликтүү кеңештин кворуму жөнүндө



2018-жылдын 16-февралында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзам күчүнө кирди. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесинин 4-бөлүгүнө жана 49-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, буга чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысын (шаар мэрин, айыл өкмөт башчысын) тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттары жашыруун добуш берүү менен шайлачу. Ошондой эле шайлоо, эгерде тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси катышса, өткөрүлдү деп эсептелчү. Ушундай эле тартип жергиликтүү кеңештин төрагасын шайлоодо да каралган. Кабыл алынган жаңы мыйзам кворум үчүн депутаттардын санынын катышын азайтты: мурда жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси талап кылынса, эми депутаттардын көпчүлүгү берген добушка жараша болуп калды. Мындай чара депутаттардын кворуму болбогондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисин шайлабай коюу өңдүү терс кесепеттерди болтурбайт.

## Бишкек жана Ош шаарларында ички аудит кызматтары жөнүндө

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ички аудит кызматтарын натыйжалуу иштетүү максатында "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана мекемелеринде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ички аудит кызматтарын түзүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү

тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-январындагы №33 токтому кабыл алынды. Токтом менен ички аудит кызматынын болушу милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тизмеси бекитилди. Бекитилген тизмеге Бишкек ш. жана Ош ш. мэриялары кирет. Ошондой эле ички аудиторлордун кесиптик деңгээлине карата талаптар да бекитилди.

# Аймактарды башкарууда жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү




2018-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков "Аймактарды башкарууда жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү иштеп чыгуу боюнча чаралар жөнүндө" буйрукка кол койду. Президент төмөнкүлөрдү тапшырды:

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча жумушчу топ түзүлсүн.

2. Жумушчу топ 2018-жылдын 1-майынан кечиктирбестен ведомстволук аймактарды башкаруу маселелеринде жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун жана жоопкерчилигин олуттуу күчөтүү максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын өзгөртүү боюнча сунуштарды иштеп чыксын жана берсин. Анын ичинде:

- мамлекеттик органдарды башкаруунун азыркы тармактык моделинен аймактык-тармактык башкаруу моделине ырааттуу өтүү;
- министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине карата тиешелүү кадрдык ыйгарым укуктарды жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларына берүү;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатууну караган мамлекеттин жана жергиликтүү жамааттардын жер ресурстарын башкаруунун жана тескөөнүн сарамжалдуу системасын калыптандыруу;
- жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү максималдуу эске алуу жана  бийлик органдары менен калктын ортосундагы эриш-аркак байланышты бекемдөө;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштөөсүнүн так жана ачык жол-жоболору, анын ичинде алардын өз ара мамилесинин так регламенттери;
- жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга тиешелүү ыйгарым укуктарды берүү менен республикалык бюджеттен региондорду өнүктүрүү долбоорлорун  каржылоо жана алардын ишке ашырылышын контролдоо практикасын оптималдаштыруу жана натыйжалуулугун жогорулатуу;
- жергиликтүү бюджеттин кирешелерин администрациялоо боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыйгарым укуктарды берүү менен жергиликтүү бюджеттердин булактарын көбөйтүү;
- жалпы элдик жана мамлекеттик кызыкчылыктарды эске алып, жергиликтүү өнүктүрүүнү башкаруу процесстеринин сапатын жакшыртууга, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарынын ролун, ыйгарым укуктарын жана жоопкерчилигин күчөтүүгө багытталган башка мыйзамдык, уюштуруучулук чараларды көрүү.





# Коомдук иш-чараларга жергиликтүү жамааттын мүмкүн болушунча көбүрөөк катышуусун камсыз кылууга кантип жетсе болот?

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

### Маселенин чоо-жайы

Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржыланган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоору (мындан ары – Долбоор) сегиз жылдан бери Бюджеттик процессте жарандардын чечим кабыл алууга катышуу моделин киргизүү боюнча Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чүй облустарынын 41 муниципалитетинин жергиликтүү жамааттарына көмөк көрсөтүп келатат. 2017-жылдан тартып Долбоор Ош жана Нарын облустарынын 15 муниципалитети менен кызматташа баштады. Долбоор жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон конституциялык укуктарын камсыз кылууда, жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө көмөк көрсөтүп, ЖӨБ органдары менен тикелей жигердүү иштерди жүргүзүүдө. Долбоордун негизги максаты – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жарандардын катышуусун жогорулатуу. Долбоордун артыкчылыгы – калкты жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске тартууга, калк менен ЖӨБ органдары ортосундагы диалог үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүүгө көмөктөшүү.

ЖӨБ органдары жарандарды бюджеттик процесске тартууда кандай кыйынчылыктарды башынан өткөрөөрүн Долбоор менен максаттуу муниципалитеттердин биргелешкен кызматташуусунун

көп жылдык тажрыйбасы көрсөттү. Мыйзам чыгаруу деңгээлинде чечилиши керек болгон бир катар маселелер ачык бойдон кала берүүдө. Бирок ошол эле маалда практикада чечиле турган көптөгөн маселелер да бар. Буга коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү маселелери кирет. Дээрлик ар бир ЖӨБ органында "чогулуштарга, жыйындарга катышкандардын саны аз, калк айылдын/шаардын көйгөйлөрүнө кайдыгер" деген сөздөрдү укса болот. Катышуунун төмөн деңгээлде болгонун бийлик органдары көйгөйлүү маселе катары таанышат. ЖӨБ органдары өзгөчө чогулуштар, жыйындар, курултайлар ж.б. маалында аудиториянын толуп турганына кызыкдар.

Эмне үчүн жарандардын чогулуштарга катышуусу ЖӨБ органдары үчүн ушунчалык маанилүү? Биринчи кезекте ЖӨБ органы калктын колдоосуна ээ болгусу келет. Колдоо – бул ишенимдин көрсөткүчү, ал жашоо шарттарын камсыз кылуу үчүн жооп бергендерге абдан маанилүү. Эгерде ачык-айкындуулук болбосо, өз иши тууралуу маалыматты калктын калың катмарына жеткирбесе, мындай ишенимге ээ болуу мүмкүн эмес. Калктын чогулуштарга жана ЖӨБ органдары өткөргөн, пландар талкуулана турган башка коомдук иш-чараларга катышуусу жергиликтүү маанидеги маселелерге байланыштуу кабыл алынган чечимдерге тикелей таасирин тийгизет. Жарандардын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө канааттануусу мунун натыйжасы болуп саналат. Б.а., канчалык көп адам маалыматка ээ болуп, коомдук ишке жигердүү катышса, ЖӨБ органы менен биргеликте чечимдерди талкуулап, кабыл алса, бардык жамаат да ошончолук прогрессивдүү болот. Айылдын же шаардын тургундарынын турмуш шартын жакшыртуу мындай жамааттардын негизги максатына айланат.

Долбоор менен тыгыз кызматташкан 56 муниципалитеттин (максаттуу муниципалитеттердин – ММ) тажрыйбасы көрсөткөндөй, чогулуштарга катышкандардын санын көбөйтсө болот, жамааттын көйгөйлөрдү талкуулоого, аларды чечүүгө тартса болот, жергиликтүү бюджеттердеги каражатты ошол көйгөйлөрдү чечүүгө пайдаланууну пландаштырса болот.

Бул макалада Ош жана Нарын облустарынын 15 ЖӨБ органынын мисалында жарандарды жергиликтүү өз алдынча башкарууга тартуу боюнча айыл өкмөттөрдүн ишинин жыйынтыгы берилди. Алар Долбоор менен кызматташтыктын алкагында өткөрүлгөн окуу иш-чаралары маалында алган билимдерин жана көндүмдөрүн колдонушкан.

## Калктын катышуу динамикасынын өсүшү

Айылдагы өзгөчө артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоого калкты тартуу боюнча кеңири масштабдагы өнөктүктөрдү өткөргөн соң ЖӨБ органдары аларды чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер пландарын (БАП) иштеп чыгышты. Өз пландары тууралуу калкты кабардар кылуу үчүн Ош жана Нарын облустарындагы 15 ММнын ЖӨБ органдары чогулуштарды өткөрүштү. Албетте чогулуштардын алдында коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча окуулар болду. Долбоор маалыматтык өнөктүктү өткөрүүгө консультациялык жана техникалык колдоо көрсөттү. Муниципалитеттер керектүү техника менен камсыздалды. Окууларда алынган билимди колдонуунун натыйжасында 1725 жашоочу жана 1204 аял (жалпысынан 2929 адам) ЖӨБОнун пландарын угуп, пикирин билдирип, суроолорду узатуу үчүн чогулуштарга келишти. Чогулуштардагы талкуулардын жыйынтыгы боюнча, пландарга айрым бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип турду. Ошондой эле чогулуштар маалында пландалган иштерди аткарууга, процесске мониторинг жүргүзүүгө катышуу үчүн улам бир жаңы жигердүү жашоочунун ысымы аталып жатты.

Пландалган жумуштардын жана иш-чаралардын басымдуу бөлүгүн ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттердеги каражаттардын эсебинен чечишет. Жашоочулардын салымы да болуп турат. Бирок масштабдуураак тапшырмаларды аткарууга көпчүлүк муниципалитеттердин бюджетинде каражат жетпей калат. Мындай тапшырмаларды аткарууга, муниципалитеттерди өнүктүрүүгө көп каражат талап кылынат жана ЖӨБ органдары инвестиция тартуунун




***1-диаграмма. Артыкчылыктуу долбоорлор менен тааныштырган баяндамачылардын сапаттык курамы***




***2-диаграмма. Чогулуштарда тартууланган долбоорлордун темасы***

үстүнөн дайыма иштеп келишет. Жергиликтүү бизнеске, донорлорго жана өнүктүрүү программаларына, региондорду өнүктүрүү фонддоруна, мамбюджетке (дем берүүчү гранттарга өтүнмө берип) кайрылуу – башкаруу органдарынын дайыма жасап келаткан иши. Жергиликтүү жамаат үчүн артыкчылыктуу болгон маселелерди чечүүгө долбоордук идеяларды, айылдардын жана шаарлардын инфраструктурасын жакшыртууга инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу оңой иш эмес, ал билимди жана көндүмдөрдү талап кылат. Мындай документтерди даярдоо үчүн техникалык билимден тышкары ЖӨБ органдарынан процессти туура уюштуруу талап кылынат. Бул жерде аймактагы бардык мүмкүн болгон жана жеткиликтүү ресурстарды тартуу маанилүү. Мисалы, долбоордук идеяларды иштеп чыгууга жергиликтүү жамаатты тартуу сунушталат. Мындай мамиле кошумча адам ресурстарын берет. Ал эми бул ресурс ЖӨБ органдарынын өзүндө тартыш эмеспи. Идеяларды, долбоордук сунуштарды, гранттарга өтүнмөлөрдү ж.б. даярдоого тартылуу жарандардын өздөрүнө да чечим кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Андан соң ошол идеялардын ишке ашырылышы үчүн жоопкерчилик тең бөлүштүрүлөт. Долбоор менен кызматташтыктын алкагында 15 ЖӨБ органы




коомчулук менен биргеликте артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү жолдорун талкуулашып, ыктымал инвестициялар үчүн долбоордук идеяларды даярдап чыгышты. Жамааттардын 75 артыкчылыгы боюнча аларды чечүү боюнча сунуштар даярдалды. Бардык сунуштар калктын элегинен өтүшү керек болчу. Себеби көпчүлүк үчүн маанилүү жана аткарууга мүмкүн болгон долбоорду тандап алуу зарыл.

Жарандардын катышуу моделин жайылтуунун кийинки этабы – биринчи кезекте чечилиши керек болгон жана каржылоонун кошумча булактарын тартуунун эсебинен чечүүгө мүмкүн болгон артыкчылыктуу көйгөйлөрдү тандап алуу. Ошондой булактардын бири катары Долбоордун гранттык программасынын фонду каралган эле. Демилгелүү топтор эң көйгөйлүү маселени алып чыгып, аны чечүү боюнча идеяны сунуштап, ал эми айыл тургундары тандап алышы керек эле. Жергиликтүү жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрү көп, ресурстар чектелүү болгон шарттарда акча каражаттарын бөлүштүрүү маселеси дайыма курч турат. Дал ошондуктан коомдук акча инвестициялана турган долбоорду тандап алууда мүмкүн болушунча ачык болуп, калк менен биргеликте чечим кабыл алуу




*3-диаграмма. Жергиликтүү жамааттардын чогулуштарга катышуусу*




*4-диаграмма. Чогулуштардын катышуучулары арасында аялдардын үлүшү*

зарыл.

15 максаттуу муниципалитетте өткөн чогулуштарда жалпысынан 75 долбоордук идея сунушталган. Б.а., демилгелүү топтордун мүчөлөрү кайсы бир артыкчылыктуу көйгөйдү чечүүнүн кандай жолдорун көрүп турганын, бул үчүн канча каражат талап кылынаарын калкка айтып беришти. Андан соң дал ошол идея Долбоордун гранттык программасына катышуу үчүн өтүнмөнүн өзөгүн түзүшү үчүн жашоочулардан 2018-жылы каржылана турган долбоорду тандап алууну өтүнүштү. Баяндамачылардын курамы: АӨнүн 16 өкүлү, 12 депутат, бюджеттик уюмдардын 16 жетекчиси, 7 староста, 24 жашоочу.

Чогулуштарда артыкчылыктуу маселелерди чечүү жолдору тууралуу сөз болду. Булардын арасында жергиликтүү маанидеги түрдүү маселелер болду. Бирок эң көп тандалган маселе – өсүп келаткан муун үчүн шарттарды түзүү. Жергиликтүү жамаат бала бакчалардын жана мектептердин көйгөйлөрү чечилишин көбүрөөк каалайт.




*5-диаграмма. Жарандардын чогулуштарга катышуу деңгээлинин динамикасы, 2017-2018-жылдар*

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жалпы элести өзгөрттү. Чогулуштарда көпчүлүктүн добушуна ээ болгон долбоорлордун арасында мурдагыдай эле мектепке чейинки жана мектептеги билим берүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталгандар басымдуулук кылат. Бирок айрым багыттар калктын колдоосуна ээ болгон эмес. Мисалы, оорукананалардын, айыл өкмөттүн имараттарын оңдоо.

Артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алуу боюнча чогулуштардын катышуучуларынын саны болжолдонгондон ашты. 15 ММда чогулуштарга 4798 адам келди, алардын ичинен 2250сү аялдар. Муниципалитеттер арасында алып караганда – 134төн 919га чейин адам катышты (3-диаграмманы караңыз). Башкача айтканда, чогулуштарга аймактагы калктын 1-10% катышты. Чогулуштарга



аялдардын катышуусу да көп нерседен кабар берет: 15 муниципалитетте өткөн чогулуштардын бардык катышуучуларынын 47% аялдар түздү (4-диаграмманы караңыз).

2017-жылга салыштырмалуу коомдук мааниге ээ болгон маселелерди талкуулоодо жарандардын катышуу деңгээли 1,5 эсе өстү. Ошондой эле гендердик баланста да оң өзгөрүүлөр байкалат. Себеби аялдардын катышуу үлүшү 8,5% өстү (38,4 пайыздан 46,9% чейин) (5-диаграмма).

Долбоордун Чакан гранттар программасынын алкагында 2017-жылдын этегинде Чакан гранттар программасы (ЧГП-2018) боюнча баяндамалар жасалды. Алардын негизинде бардык 15 ММ үчүн долбоорлорду даярдоо боюнча окуу тренингдери өткөрүлдү. Бул тренингдерге айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана демилгелүү топтордун (ДТ) мүчөлөрү катышты. Тренингдер катышуучуларга артыкчылыктуу көйгөйлөр боюнча долбоордук өтүнмөлөрдү даярдаганды үйрөттү. Себеби ар бир 15 муниципалитетте БАПта көрсөтүлгөн бештен артыкчылыктуу долбоор аныкталган, алар боюнча долбоорлордун кыскача сүрөттөлүшү (ДКС) даярдалган. Соңку, негизги иш-чара 2018-жылдын январында өттү. Бул айда Долбоордун гранттык программасына катышчу долбоорлор талкууланып, тандалып алынды. Дал ушул чогулуштар ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын биргелешкен аракеттери менен чогулуштарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча ишти канчалык так пландап, калктын чогулушка катышуу санын кантип көбөйтсө болоорун көрсөттү. ЖӨБ органдарынын иши кантип уюштурулуп, чогулушка катышкан адамдардын саны эмненин эсебинен көбөйдү? Чогулуштарды уюштуруу маселесинде жарандардын активдүүлүгү, жоопкерчилиги жана демилгеси канчалык маанилүү болду? Аялдарды кантип чогулушка тарта алышты?

### Маалымат өнөктүгү

Долбоорду ишке ашыруунун баштапкы этабында жергиликтүү консультанттардын Ош жана Нарын облустарынын 15 максаттуу муниципалитети менен тажрыйбасы көрсөткөндөй, бардык ЖӨБ органдарында коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча кандайдыр бир өзүнүн усулу бар. Бирок ал системага салынган эмес. Мисалы, иш-чараны уюштурганда жазуу түрүндө план түзүлбөйт, айыл өкмөттүн жетекчилиги кызматкерлерге ишти даярдоону оозеки эле айтып коет, ал эми кээде болсо адамдарды иш-чарага катыштырууга жардам берүүнү айылдык кеңештин депутаттарынан өтүнөт. Чогулушка чейин эч кандай алдын ала уюштуруу иштери, маалымат өнөктүгү өткөрүлгөн эмес, иш-чараны даярдоо бөлүгү көзөмөлгө алынган эмес. Мунун натыйжасында адатта коомдук иш-чаралар формалдуу өткөрүлүп, жетекчилик адамдардын саны аз болгону үчүн кимди жоопко тартууну билбей калчу.

2017-жылдын октябрында эле коомдук иш-чараларды (чогулуштарды, коомдук угууларды) уюштуруу жана эффективдүү өткөрүү үчүн Долбоор тренинг өткөргөн. “ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат менен өз ара аракеттенүүсү: коомдук катышуунун формалары, чогулуштар жана жыйындар” деген темага өткөрүлгөн тренингге бардык 15 муниципалитеттен ЖӨБО өкүлдөрү, жергиликтүү жамаат, бейөкмөт уюмдар катышты. Бул тренингдердин негизинде жарандардын ЖӨБго катышуусу боюнча ченемдик база тууралуу алынган билимден, чогулуштарды өткөрүүнүн эрежелеринен жана жолжоболорунан тышкары, катышуучулар чогулушка чейин жана андан кийин маалымат өнөктүгүн өткөрүү боюнча көндүмдөрүн өнүктүрө алышты.

Тренингде алынган билимдин бир бөлүгүн колдонуу менен БАПты талкуулоо боюнча чогулуштарга даярданып жаткан маалда ЖӨБ органдары жыйынтыктарга көп жакшы ыраазы болушкан жок. Чогулуштардын биринчи сессиясын өткөргөндөн кийин Долбоордун адистери ЖӨБ органдары менен келгендердин санын талкуулоо боюнча иштер жасалды. Бул болсо чабал жактарын жана кемчиликтирин аныктоо максатында жасалды. Жыйынтыктарга толук эмес канааттануу жана талкуулоо Долбоор сунуштаган маалымат өнөктүгүнүн кеңири аспаптарын колдонуу



да бардык максаттуу муниципалитеттер өз убагында даярдоо бөлүгүн уюштуруп, эки чогулушту эффективдүү өткөрүп алышты".

Мисалы, Ак-Муз ААда жашоочуларды чакыруунун өз механизмин пайдаланышты: айыл өкмөтүнүн ар бир кызматкерине өз-өзүнчө көчөлөр бекитилип берилди; жашоочулардын тизмеси даярдалып, АӨ кызматкерлери үй кожолуктардын башчыларынан маалымат алганы, чогулушка катыша алабы же жокпу деп кол тамгаларын чогултуп чыгышты. Ошентип чогулуштун катышуучуларынын санын алдын ала божомолдоо максатында АӨдө бардык маалыматтар чогулду. Калк аз катышат деп болжолдонуп жаткан участоктордо кошумча чаралар көрүлүп, үймө-үй кыдырып чыгышып, телефон чалып чыгышты. Натыйжада мурда 30-100 киши чогулган чогулушка 261 киши катышты. Ушундай эле ыкманы Ак-Тал ААда жана Учкун ААда тандап алышты. Бул жерде АӨ башчылары бардык кызматкерлерин кварталга бөлүп чыгышты. Бирок чакыруулардан тышкары жашоочуларга беш долбоор боюнча ДКС таратылып берилди. Бул болсо калкка долбоорлордун кыскача сүрөттөлүшү менен таанышып чыгып, алдыда болчу чогулушка суроолорду даярдап алууга мүмкүнчүлүк берди. Ак-Муз жана Ак-Тал айылдык аймактары бир гана айылдан, ал эми Учкун АА эки айылдан тураарын белгилей кетиш керек. Мындан улам бардык үй кожолуктарды кыдырып чыгуу кыйын болгон жок. Мындан тышкары Ак-Муз ААда жашоочуларды кызыктыруунун дагы бир жолун табышты: артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алгандан тышкары чогулуштун программасына кошумча иш-чаранын киргизилгени чоң ролду ойноду. АӨ "Ак-Муз айылын өнүктүрүү-2017" аттуу конкурстун жыйынтыктары менен тааныштырып, анын жеңүүчүлөрү сыйланып, мыкты көчө тандалды. Бул иш-чара көптөгөн жашоочуларды чогулушка келип берүүгө түрткөн фактор болду.

үчүн стимул болду. Чогулуштардын экинчи сериясын даярдоодо өнөктөштөр бардык үйрөнгөн "сабактарды" эсеп алышты. Ар бир муниципалитет боюнча чогулуштарды уюштуруу боюнча жумушчу топ (ЖМ) түзүлдү. Аларга айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, ДТ мүчөлөрү жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү киришти. Жумушчу топ чогулуштун программасын түзүп, чогулушту уюштуруу жана өткөрүү боюнча текшерүүчү программа түзүлдү. Жумушчу топтун бардык мүчөлөрү ар бир уюштуруу маселеси боюнча жоопкерчиликти тең бөлүштүрүшүп, чогулушка чейин маалымат өнөктүгүнүн материалдары даярдалды. Бул материалдар калктын коомдук иш-чараларга келүүсүн камсыз кылуучу негизги механизмдердин бири. Ошондуктан биринчи кезекте 15 муниципалитеттин айыл өкмөтү чогулушка 5-10 күн калганда кеңири маалымат өнөктүгүн өткөрүштү: кулактандыруулар жазылган баннерлерди жана афишаларды даярдап аймактагы ар бир айылда эл көп жүргөн жерге илип чыгышты, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнө чакыруулар жиберилди, пресс-релиздер даярдалып, райондук жана облустук жалпыга маалымдоо каражаттарына жиберилди. Чогулуш өтчү күндүн алдында айылды үн күчөткүч орнотулган машиналар менен кыдырышып, чогулушка чакырып чыгышты ж.б. Башкача айтканда, бардык 15 муниципалитетте текшерүү барагынын алкагында АӨ аппаратынын так жасалган иши калктын келүүсүн камсыз кылды. Долбоордун жергиликтүү консультанты ТОЛИПОВ Абдилбоки текшерүү барактары канчалык пайдалуу болгонун мындайча айтты: "Жеринде тренингдерди жана консультацияларды өткөрүп, биз АӨнү текшерүү барагы менен иштегенге үйрөттүк. Мында бардык тапшырмалар жана иш-чаралар так жазылган эле (мөөнөттөр, жооптуулар, чогулуштан күтүлгөндөр ж.б.). Натыйжа-

Коомдук иш-чараларды уюштуруп, өткөргөн маалда адам ресурстарын эффективдүү пайдалануу өтө маанилүү. Өзгөчө муну чогулушка катышуу үчүн тургундары узак аралыкты басып өтүшү керек болгон муниципалитеттердин ЖӨБ органдары эстен чыгарбашы керек. Ош облусунун Ак-Жар жана Шарк, Нарын облусунун Учкун айылдык аймактары чогулуштарга элдин катышуусун камсыз

кылууга өтө олуттуу мамиле жасашты. АӨ башчылары жашоочулар менен өздөрү сүйлөшүп, Ак-Жар жана Шарк ААда алыстагы эки айылдан адамдарды эки бусик менен ташышты. Бул транспорттун ээлери да чогулуштун катышуучулары болду. Учкун ААда айыл өкмөттүн кызматкерлери жети орундуу төрт “Минивен” үлгүсүндөгү машина таап, үч каттам менен Учкун айылынын тургундарын ташышты. Ошондуктан кийинки жылга бюджетти талкуулоодо ЖӨБ органдарына жашоочуларды коомдук иш-чараларга – чогулуштарга жана угууларга жеткирүүнү камсыз кылуу боюнча уюштуруу маселелерин “башка чыгымдар” деген беренеге кошумча чыгаша катары кошууну сунуштайбыз.

### Айыл старосталары

Коомдук иш-чараларды уюштурууда негизги жүк айыл старосталарына түшөт. Себеби алар күн сайын өз жашоочулары менен баарлашып тургандыктан айылдын ички турмушу тууралуу көбүрөөк билишет. Айталы, Кызыл-Суу, Жазы жана Ак-Жар айылдык аймактарында БАПты талкуулоо боюнча алгачкы чогулуштарды уюштуруунун жүрүшүндө эле АӨ башчылары тапшырма беришти: ар бир айылдын старостасы 50-60 кишини чогулушка тартат, ал эми чогулуштан кийин ар бир айылдын жашоочуларынын иш жүзүндө катышуусу боюнча талкуу уюштурушту. Эсептөө ыңгайлуу болушу үчүн чогулуш башталаардын алдында катышуучуларды айылдар боюнча катташты. Бул келечекте анализ жүргүзүү үчүн да ыңгайлуу болот – тигил же бул айыл жалпы аймактын турмуш тиричилигине канчалык жигердүү катышып жатканы белгилүү болот. Талкуулардын жыйынтыгы боюнча АӨ башчысы старосталарды шыктандырып же эскертүү берип тургандыктан бул долбоорлорду тандап алуу боюнча чогулушка жергиликтүү жамааттын катышуусунун жыйынтыгына таасирин тийгизди.

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ролу

АК депутаттарынын жардамы да чоң болду. Мисалы, Көк-Жар ААда айылдык кеңештин депутаттары жигердүү жардамчыларга айланышты: жумушчу топту түзгөнгө чейин депутаттар АӨ кызматкерлери менен чогулушту өткөрүү процессин талкуулап алышты. Алар жарандардын чогулушка катышуу маселесине өзгөчө көңүл бурушту. АК депутаттары алдыда болчу чогулуш, анын мааниси, негизги максаты тууралуу айтып берүү үчүн шайлоочулар менен жолугушууларды уюштурушту. Депутаттар бул чогулуштарда негизги максат – аймактын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча долбоорду тандап алуу болгонун, жашоочулар өздөрү добуш берип тандай турганын түшүндүрүп беришти. Мисалы, Бүлөлү ААда биринчи жолу чогулушка 172 адам катышты (калктын дээрлик 20%). Мында айыл өкмөтү менен айылдык кеңештин кызматташтыгы негизги ролду ойноду. Айылдык кеңештин 11 депутатынын ичинен сегизи – 23-25 жашта, үч депутаты – 40-43 жашта. Алар коомдук иш-чаралардын дээрлик 100% жигердүү катышып, муну менен жергиликтүү жамааттын жана АӨ аппаратынын сый-урматына татып келишет. Айталы, эки айылдагы АК депутаттары беш уюштуруучулук чогулушту өткөрүштү, үймө-үй кыдырып чыгып, үй кожолуктардын ээлери менен сүйлөштү. Гүлистан ААда айылдык кеңештин төрагасы депутаттар жана жумушчу топтун мүчөлөрү менен адамдар көп жүргөн уюмдарды жана мекемелерди кыдырып чыгышты: бардык мектептерди, мечиттерди, чайканаларды ж.б. кыдырып, элди чогултуп, чогулушка катышууга үндөп, жашоочуларды артыкчылыктуу долбоорго өз добуштарын берүүгө үндөштү.

### Уюлдук байланыш

Бүгүнкү күндө КР калкынын 80% жакыны мобилдик байланышты колдонот. Бул болсо өзгөчө элеттик жамааттарда маалымдоо процессин бир кыйла жеңилдетүүдө. Калктын басымдуу бөлүгү түрдүү топторго (достор, кесиптештер, туугандар ж.б.) мүчө болгондуктан WhatsApp тиркемесин колдонушат. Көпчүлүк тургундар Интернеттеги социалдык тармактарды, негизинен “Фейсбукту” колдонушат. Ошондуктан айрым максаттуу муниципалитеттерде ЖӨБ органдары маалымдоонун бул механизмдерин жигердүү колдонушту. Айталы, Жазы ААнын айыл өкмөт башчысы чогулушка катыша албаган жашоочуларга WhatsApp тиркемесиндеги 250 адам мүчө болгон топ аркылуу кайрылды. Ак-Талаа ААда



координатор ДҮЙШЕЕВ Урмат да WhatsApp тиркемесин колдонуп, “Жарнама-Ак-Тал” тобуна мүчө жашоочуларды чогулушка чакырды. Бул топко аймактагы жалпы калктын  50% жакыны кирген. Учкун ААда “Куланак Медиа” маалымат борборунун кызмат көрсөтүүсүнөн пайдаланышты. Бул борбор “Твиттер-блог” аркылуу мобилдик телефону бар жашоочулардын баарына чогулуш тууралуу СМС-билдирүү жиберди. Билим берүү жана жаштар маселелери боюнча демилгелүү топтун мүчөсү КЫДЫРАЛИЕВА Жазгүл WhatsApp аркылуу “Куланак Медиа” тобунун мүчөлөрүнүн баарына жарыя жиберди, бул топко айыл калкынын 40% катталган. Мындан тышкары Ак-Талаа жана Учкун айылдык аймактарында бул максаттарда “Фейсбукту” колдонушту.

## Жамаат лидерлери жана улуттук каада-салттар

Адамдарды чогулуштарга тартуунун өтө кызыктуу ыкмасы Ылай-Талаа ААда табылды. Мисалы, Ылай-Талаа айылы өтө чоң жана 7 участокко бөлүнөт. Бул жакта 7 эл башы бар. “Эл башы” – бул турмуш тажрыйбасы бар, сый-урматка ээ болгон, эң негизгиси – өз ыктыяры менен, акча албастан иштеген, элеттиктер өздөрү тандап алган адамдар. Мындан тышкары айылдык аймактагы бардык беш айылда жашоочулар уруу-урууга бөлүнүшөт, алардын ар биринде уруу башчы бар, андан соң эл башы бар участокторго жана көчө башчылары бар көчөлөргө бөлүнүшөт. Ушинтип кылымдар бою түптөлүп калган салттарды улай, чогулушка 5-6 күн калганда уруу башчылары, эл башчылары, көчө башчылары, жамаат лидерлери, мекеме жетекчилери (бала бакча башчылары, мектеп директорлору ж.б.) катышкан чакан чогулуштар өткөрүлдү. Мында чогулуштарга көбүрөөк жашоочуларды, анын ичинде аялдарды тартуу маселеси күн тартибине коюлду.

Ушундай эле ыкма Шарк ААда дагы колдонулду. Бул жерде биринчи чогулушка 486 адам катышса, экинчисинде 919 адамдын башын бириктире алышты. Көрсө, беш айылдын башчыларынан (староста-ларынан) тышкары, 80 эл башчы да бар экен, алар түрдүү коомдук иш-чараларды уюштурууга жардам берип келишет. Бул болсо жергиликтүү жамааттын ичинде маалымат алмашуунун эффективдүүлүгүн жогорулатат. Эл башы жергиликтүү бийлик менен калк ортосундагы кандайдыр бир көпүрөгө айланат, б.а., маалымат ыкчам жетип турат. Маалымдоо процесси мындайча өтөт: ЖӨБ органы болгон маалыматты айыл башчыларына берет, ал эми алар болсо, өз кезегинде эл башыларды чогултат, алар калкты кабардар кылышат. Ушул эле нерсе тескерисинче да болот: жашоочулар өз көйгөйлөрүн эл башыга айтышат, алар өз кезегинде айыл староста-ларына жеткиришет ж.б. Натыйжада Шарк ААда ар бир эл башы онго жакын адамды тартып, чогулушка 800 адам катышты.



## Жамааттар

Чогулуштарды уюштурууда айылдык аймактардын жамааттары маанилүү ролду ойноду. Алардын эсебинен жергиликтүү жамааттын чогулушка тартылуусу жакшы болду. Мисалы, Мангыт ААда аялдар комитетинин төрайымы КАРМЫШОВА Бегай өз комитетинин мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонду. Бул комитетке 70тен ашуун аял мүчө, алар өз ара бекем байланышты кармап турушат, ошолордун жардамы менен чогулушка мүмкүн болушунча көбүрөөк санда адамдарды тартуу мүмкүн болду. Алар бардык коомдук иш-чараларга жигердүү катышат, бирок бул чогулушта аялдар кеңешинин төрайымы өздөрү менен кошо бери дегенде беш-тен адамды ээрчите келүүнү өтүндү. Ылай-Талаа ААда “Жазы биримдиги”, “Ылай-Талаа коому” аттуу топтор бар, алар да жашоочуларды чогулушка чакырууга салым кошушту.

## Мекемелердин жетекчилери

Калктын чогулушка чакыруунун стандарттуу ыкмаларынан тышкары, бул багытта оригиналдуу усулду Кызыл-Туу ААда ойлоп табышты. Бул жерде АӨ башчысы үч мектептин жана эки бала бакчанын директорлору менен жолугушууда алардан балдардын ата-энелерин жазуу түрүндө чогулушка катышууга чакырып берүүнү өтүндү. Натыйжада көпчүлүк чакыруу барактары балдар аркылуу таратылды. АӨ башчысынын айтымында, мекеме жетекчилери өздөрү биринчи кезекте ата-энелердин чогулушка катышуусуна кызыкдар болушу керектиги мына ушундай чечимди кабыл алууга түрттү. Себеби жыл сайын мектептерди жана бала бакчаларды күтүүгө жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүнүп турат. Бардык тараптар зарыл болгон учурда бири-бирине жардам берип, коомдук иш-чараларды өткөрүүгө кызыкдар болушу керек – тыгыз өз ара кызматташтык деп ушуну айтыш керек. Гүлистан ААда калкты чогулуштарга тартуу үчүн түрдүү иш-чаралар өткөрүлдү: төрт мектепте атайын спорттук иш-чараларды уюштурушуп, АК төрагасын жана АӨ башысын чакырышты; мектеп-



терде жогорку класстардын окуучулары аркылуу ата-энелерге кабар берилди; ыктыярчылар участокторду кыдырышып, маалымат таратышты, ар бир участокто өзүнчө чогулуштар өткөрүлдү.

## Демилгелүү топтор (ДТ)

Чогулуштарга калкты көбүрөөк тартууда чоң ролду ДТ ойнойт. Бул топтор БАПтын алкагында артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү маселелеринде калктын айрым топторунун таламын талашуу максатында түзүлгөн. Анын үстүнө долбоорлорду тандап алуу боюнча чогулуш ДТ аркылуу кызыкдар топтордун таламын талашуу максатын көздөгөн. Бул долбоорлор чогулуштарда каралып, талкууланган эле. Ошондуктан АӨ башчылары жана адистери биринчи кезекте ДТнын жигердүү мүчөлөрүн иш-чараны уюштуруу жана өткөрүү процессине тартышты. Мисалы, Ак-Муз, Учкун жана Ак-Тал ААда (Нарын облусу) ДТ мүчөлөрү иш-чараларды уюштуруунун бардык баскычтарында "мотор" болуп, алдыда өтчү чогулуш тууралуу маалыматтарды таратууга жардам беришти (баннерлерди жана афишаларды илип чыгышты, чакырууларды таратышты ж.б.). ДТ мүчөлөрү алардын идеяларын жергиликтүү жамаат билип, алардын долбоору үчүн добуш беришине өздөрү кызыкдар болушту. Ошондуктан алар өз тарапкерлерине маалымат жеткире алышты. Мисалы, Ак-Тал ААда ДТ мүчөлөрү WhatsApp тиркемесиндеги топторду жигердүү колдонушту.

Мындан тышкары бул муниципалитеттердин АӨ башчылары жана адистери айыл өкмөттүн имаратында аянтча уюштура алышты. Мында ДТнын мүчөлөрү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча өз идеяларын беришти, зарыл маалыматтар, мисалы, статистикалык сандар берилип, компьютерде иштей алышты. Натыйжада ДТ инвестициялык долбоорлордун кыскача сүрөттөлүшүн даярдап, АӨ кызматкерлери менен биргеликте бул долбоорлордун бет ачарын уюштурушту. Бул болсо ДТ мүчөлөрүнө айыл өкмөттүн ишин ичинен түшүнүп, долбоорлордун планы менен терең таанышып, тигил же бул чөйрөдөгү адистерди тартууга мүмкүнчүлүк түздү. Ошентип АӨ менен ДТнын тыгыз кызматташуусу калктын жогорку деңгээлде катышуусуна, долбоорлорду тандап алуу боюнча чогулушту өткөрүү процессинин өзүнө таасирин тийгизди. Бардык айылдардын өкүлдөрү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүгө таасирин тийгизген долбоорлор үчүн добуш бере алышты.

## БӨУ (ЖКУ)

Чогулуштарды уюштурууда ЖӨБ органдары менен тыгыз кызматташкан бейөкмөт уюмдар да акыркы ролду ойногон жок. Мисалы, Гүлистан ААда "ЦПГО-Ноокат", "Чернобыль" коомдук уюмдары, "Радуга" ыктыярчылар борбору ЖӨБ органдарына чоң жардам беришти. "Радуга" жаштардын ыктыярчылар борборун өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Борбордун мүчөлөрү – жаш ыктыярчылар маалыматтык иш-чараларды өткөрүүгө жигердүү катышты: чакырууларды таратып, жарыяларды илишип, чогулуштардын катышуучуларын каттоого жардам беришти. "ЦПГО-Ноокат", "Чернобыль" коомдук уюмдарынын 24 мүчөсү да четте карап турушкан жок. Алар да жамаат лидерлеринин, мектеп директорлорунун, мугалимдердин, жергиликтүү депутаттардын катышуусу менен калктын кеңири катмары арасында маалымдоо максатында түрдүү жолугушууларды уюштурушуп, буклеттерди, афишаларды, баракчаларды таратып чыгышты. Бейөкмөт уюмдардын жети мүчөсү активдүү сегиз депутат менен биргеликте айылдагы аялдар менен өз алдынча иш алып барышты, көйгөйлүү участоктордо чогулуштар өткөрүлүп, аялдардын коомдук иш-чараларга катышуусу канчалык маанилүү болгонун түшүндүрүп беришти.




## Радио. Концерт. Катышуучуларды каттоо

Чаек ААдагы Чаек айылы район борбору болуп саналгандыктан, бул жерде радиотүйүндү жигердүү колдонушту. Радиотүйүн айылдын борбордук бөлүгүндө орун алган жана иш-чарага бир апта калганда күн сайын алдыда болчу чогулуш туралуу жарыя берилип турду.

Чогулуштардын, жыйындардын, угуулардын алдында жарым сааттык концерт эффективдүү болот. Муну көпчүлүк максаттуу муниципалитеттерде өткөн коомдук иш-чаралардын практикасы тастыктады. Концерттер чогулуштун катышуучуларына жарык маанай тартуулап, бири бирине окшош өткөн күндөрдөн айырмалаган көңүл ачуучу иш-чара болуп калат. Ошондуктан көпчүлүк адамдар концертти көрүү үчүн эртерээк келишет. Калк иш-чарага 1-2 саатка кечигээрин эске алганда бул абдан маанилүү көрүнүш. Болгондо да концерт жогорку деңгээлде өтүшү керек, анда алдын ала даярдалган номерлер болушу абзел. Эгерде концертке даярдык көрүлбөсө, адамдар уюштуруучулардын кесипкөй эместигине наараазы болуп, башынан эле маанайлары бузулуп калышы ыктымал.

Коомдук иш-чараларга адамдар көп келгенде адатта алар каттоодон өтпөстөн түз эле залга кирип кетишет. Бул көйгөйдү Кызыл-Суу жана Жазы айылдык аймактарында өтө жөнөкөй жол менен чечишти. Кире бериште каттагандан тышкары, АӨ кызматкери каттоодон өтпөй эле кирип кеткендерди зал ичинде каттоого алды. Натыйжада 20-30 адам кезекте тургусу келбей, каттоодон өтпөй кирип кеткен экен. Коомдук иш-чараларда катышуучуларды каттоо – бул зарыл процесс. Биринчиден, бул отчет үчүн керек. Эң негизгиси – ЖӨБ органдары маанилүү чечимди кабыл алышы үчүн зарыл.

## Гендердик саясат

Бүгүнкү күндө гендердик теңдик өтө маанилүү социалдык маселелердин бири болуп саналат. Аны турмуш тиричиликтин бардык деңгээлдеринде чечүү зарыл. Коомдук иш-чараларды уюштуруу процессинде негизги талаптардын бири – бул гендердик балансты сактоо. 15 максаттуу муниципалитеттин жумушчу топтору менен жасалган иштин жүрүшүндө чогулушту даярдоо боюнча текшерүү барагына гендердик баланс боюнча өзүнчө пунктту киргизүүнү чечишти. Чогулуштарга аялдардын катышуусу үчүн жоопкерчилик жумушчу топтун айрым мүчөлөрүнө жүктөлдү. Уюштуруу иштери боюнча чакан чогулуштарда айрым муниципалитеттерде аялдардын катышуусу маселеси өзүнчө каралды. Ар бир катышуучуга тапшырма берилди: адамдарды чогулушка тартууда гендердик балансты сактоо зарыл.

Көпчүлүк муниципалитеттерде уюштуруучулар атайын аялдар үчүн чакыруу барактарын даярдашты, аларды таратуу үчүн аял лидерлерди тартышты, үймө-үй кыдырып, үй кожойкелери менен сүйлөшүштү. Мисалы, Көк-Жар ААда аялдар арасындагы бейформал лидерлер чоң ролду ойноду. Булар негизинен мектеп директорлору, бала бакча башчылары, эмгек сиңирген мугалимдер. Алар мектептердин жана бала бакчалардын ата-энелер комитети, камкорчулар кеңеши менен жумушчу жолугушууларды уюштуруу демилгесин көтөрүп чыгышты. Аларга чогулуштун максатын жана ролун түшүндүргөн чакыруу барактарын таратып беришти. Ошентип Көк-Жар ААда калктын катышуу деңгээли биринчи чогулушка салыштырмалуу 4 эсе өстү (биринчи чогулушка 86 аял келсе, экинчисине 345 аял катышты).

Жалпысынан аялдардын долбоорлорду тандап алуу боюнча бардык чогулуштарга катышуусу буга чейинкилерине караганда бир кыйла жогору: 15 максаттуу муниципалитеттин ичинен 13 ММда аялдардын катышуусу 42,1 пайыздан 53,6% чейин жетти, эки ММда 31,4 пайыздан 37,5% жетти. Долбоордун жергиликтүү консультанты ТОЛИПОВ Абдилбоки буларды айтты: “Долбоорду ишке ашыра баштаганда биз Ош облусунда аялдардын катышуусу өтө начар болот деп күткөнбүз. Себеби диний көз караштардан улам аялдардын коомдук турмушка катышуусуна жол берилбей келет. Бирок жергиликтүү менталитетти эске алган өзгөчө мамилени колдонуш ке-




рек экен. Б.а., аялдардын катышуусу менен чогулушту даярдоодо аялдар гана же алар тааныган эркектер гана иш алып барды. Алар аялдарды түрдүү топторго бөлүштү: жаш курагына, кызыкчылыктарына ж.б. жараша. Албетте мында чоң ролду даярдоонун бардык этаптарында, тренингдерде, консультацияларда, жумушчу жолугушууларда гендер, аялдардын жана жаштардын пикирин эсепке алуу зарыл экени тууралуу көп сөз болгону чоң ролду ойноду. Анын үстүнө эки долбоорду тандап алуу үчүн 15 муниципалитеттин ар биринде аялдарга тикелей же кыйыр түрүндө тиешелүү болгон беш артыкчылыктуу көйгөй тандалып алынды.  Алар: ичүүчү суу, бала бакчалар, мектептер ж.б.".

Даярдоо процессинде өтө кызыктуу учурлар болуп жатты. Мисалы, чогулушка 2-5 күн калганда ар бир максаттуу муниципалитетте Долбоордун консультанттарынын жардамы менен баяндамачылар өз долбоорлорун кантип тааныштыраарын репетициялап турушту. Бул болсо баяндамачы сахнага, микрофонго, аудиторияга  көнүп алышы үчүн жасалды. Бардык баяндамачылар ДТ мүчөлөрү болгондуктан көптөр буга чейин элдин алдына чыгып көрүшкөн эмес. Бардык муниципалитеттер чогулуштарга аялдардын катышуусун гана уюштуруп тим болгон жок. Аялдар долбоорду тартуулап, эл алдында сөз сүйлөштү. Бул тапшырманы аялдар абдан жакшы аткарганын белгилей кетүү зарыл. Айрым муниципалитеттерде бардык беш баяндамачы тең эркек болду, бирок репетиция процессинде гендердик балансты сактоо максатында долбоор менен тааныштыруу милдетин аялдарга жүктөштү. Б.а., гендер чогулуштарды даярдоонун бардык баскычтарында маанилүү бөлүк болду жана бул тапшырманы бардык 15 максаттуу муниципалитет өз алдынча аткара алды.

## Корутунду

Ошентип, калкты коомдук иш-чараларга тартуунун жогоруда айтылган усулдарынын көбү жеткиликтүү[1] жана колдонууга жеңил. Бирок кандай болгон күндө да ЖӨБ органдары жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алышы керек. Себеби бардык эле жерде Интернет байланышы, радиотүйүн ж.б. боло бербеши мүмкүн. Ошол эле маалда негизги кыймылдаткыч күч – бул адамдар болгонун, эгерде ишти туура уюштурса, коомдук иш-чараларды уюштурууга өтө көп сандагы жигердүү, демилгелүү, ойлоп тапкыч адамдарды тартса болоорун унутпаш керек. Долбоорлорду тандап алуу боюнча чогулуштарга калкты тартуунун жогоруда аталган усулдары менен терең таанышып көрсөңүз, мында жамаат лидерлеринин, демилгелүү топтордун жана бейөкмөт уюмдардын, жарандардын жоопкерчилиги жана активдүүлүгү негизги ролду ойногонун байкайсыз.

Ошондуктан муниципалитет кайда жайгашканына жана жашоочулардын санына карабастан, бул усулдар ар бир муниципалитетте иштеп кете алат. Кайсы усул өзгөчө эффективдүү болгонун билүү үчүн каттоо баракчасына "Сиз чогулуш же угуу тууралуу кайсы жерден жана кантип билдиңиз?" деген аталыш менен бир сап кошуп койсо болот. Бул болсо мындан ары калкты коомдук иш-чараларга тартуунун муниципалитет үчүн эң эле туура келген усулун анализдеп, колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

## Ыраазычылык

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Ош жана Нарын облустарынын 15 максаттуу муниципалитетинин соңку жетишкендиктери менен сыймыктанат. Мында Долбоордун аймактык өкүлдөрүнүн салымы зор. ТОЛИПОВ Абдилбоки, БАЛТАБАЕВ Айбек, БАЙБАГЫШОВ Табылды жана ДОСОЕВ Акысбек иш-чараларды даярдоонун жана өткөрүүнүн бардык баскычтарында ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамаат менен тыгыз кызматташып келишти.**

M

[1] Добрецова Н., Балакунова А., Мусаева А., Градваль С. "Коомдук иш-чаралар (чогулуштар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары". Окуу китеби. Сайтка шилтемелер: http://vap.kg/ky/press_room/publications/full/134.html (кыргыз тилинде) жана http://vap.kg/ru/press_room/publications/full/114.html (орус тилинде).

*Плакаттын автору – Анатолий ЦЫБУХ, “Тың жашоо: ушул жерде жана азыр – 2017” плакаттар сынагынын призеру*




**Сахира НАЗАРОВА**
Макала алгач center.kg 2017-ж. сайтында жарыяланган, журналга автордун уруксаты менен басылууда

# Бюджетти сарптоо боюнча чечим кабыл алуу процессине барган сайын көбүрөөк жарандар тартылууда

Бир нече жыл мурда эле түштүк аймактын көптөгөн жарандары үчүн “бюджеттик маселе”, “чечим кабыл алуу процесси” деген сөз айкашуулары түшүнүксүз болчу. Коомдук уюмдардын узактан берки ишинин жана бир топ донордук каражаттардын жардамы менен барган сайын көбүрөөк адамдар социалдык мобилдешүүнүн маңызын, жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү максатында жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине тартылуунун маанисин түшүнө башташты.

## Үлгү болчу Кулатов атындагы айылдык аймак

Т.Кулатов атындагы айылдык аймак облус борбору, Ош шаарынан 84 км жана Ноокат райондук шаарынан 45 км аралыкта жайгашкан. Жашоочулар Баткен облусуна караган, жакыныраак жердеги Кызыл-Кыя шаарына көбүрөөк катташат. Айыл чарба жерлеринин жалпы аянты 29 154 га түзөт. Калктын саны – 19 881 киши, үй кожолуктардын саны – 3493.

Аймактын курамына беш айыл кирет. Алар: Кызыл-Булак, Таш-Булак, Баглан, Кожо-Арык, Ак-Терек, ошондой эле расмий статусу жок кыштактар да бар. Аймакта он мектеп бар, анда үч миңден ашуун бала билим алат. Мектептердин бирин ушул жылы куруп, колдонууга беришкен. Курулуштун бюджети болсо 12 миллион сомду түздү. Аймакта беш бала бакча бар, жакында алардын бири – 75 орундуу бала бакча ачылат.

Бир нече жыл мурда аймак дотацияда турчу. Бирок жергиликтүү кеңештин депутаттары ачык-айкын башкаруу боюнча окуудан өткөндөн кийин аймак башчысына ишенбестик көрсөтүп, анын ордун башка адам ээлеген. Бул жылы Нуридин МАДИМАРОВ төрт жылдык мөөнөткө кайрадан шайланды. Бул жылдар аралыгында аймакта көптөгөн оң жагына өзгөрүүлөр болду.

Элеттиктер өз жетишкендиктери менен сыймыктанышат. Мисалы, 2013-2016-жылдар аралыгында аймактын бардык айылдарын бойлой узундугу 17,5 км болгон жолду оңдоп чыгышты. Жергиликтүү администрацияга караштуу курулуш жана муниципалдык менчик боюнча башкы адис Сапарбек БОЙДОНОВ белгилегендей, эгерде мурда жолдо жүрүүгө 45 мүнөт убакыт кетсе, азыр 10-15 мүнөт эле болуп калды.

Бул айылдык аймактын чегинде Кызыл-Кыя цемент заводу жарым-жартылай орун алган. Бир нече жыл мурда талкуу учурунда заводдун салыктык чегерүүлөрү Кызыл-Кыя шаарынын бюджетине гана эмес, аймактын да бюджетине түшүп туруш керек деген чечим кабыл алынган. Чечим 2012-жылы ишке ашып, ошол замат жергиликтүү бюджеттин көлөмүнө таасирин тийгизген. Бирок акыркы эки жылдан бери

КНС жокко чыгарылгандан тартып бул сумма азая түштү. 2014-2015-жылдары жалпы жергиликтүү бюджет 70 миллион сомду түзсө, 2017-жылы болгону 45 млн. сом болду.

Жарандар жергиликтүү бюджеттин максаттуу пайдаланылышына таасир тийгизе ала турганын далилдеген дагы бир мисал: бийлик жергиликтүү май куюучу станция куруу ниетин билдиргенде адамдар наараазы болушуп, өз вариантын – бала бакча ачууну сунушташкан. 2014-жылы жергиликтүү бюджеттин каражатына жана грантка "Жаша, балалык таңы" бала бакчасы ачылган. Анын башкалардан айырмачылыгы – бала бакчада кошумча киреше алып келген иш катары кондитердик цех да иштейт.

Бала бакчанын директору, 35 жылдык мугалимдик тажрыйбасы бар Канышай БОБУЛОВА мектепке чейинки мекемени өндүрүш менен айкалыштыруу ийгиликтүү болгонун айтат: "Эски имаратты ремонттоп, жаңы ашкананы кургандан кийин биз кондитердик цехти да ачтык. Биз буюртма алып, нан, токоч (алманы өз бакчабызда өстүрөбүз), коржик, булочка жасайбыз. Ал эми майрам күндөрү бизге тортко заказ беришет. Ай сайын балдардын туулган күнүн өзүбүз жасаган торт менен белгилеп турабыз.

Мындай өндүрүш кызматкерлерибиздин айлык акысына кошумча акча болуп турат, ал эми бизде 16 киши иштейт. Бала бакчага 60 бала келет. Ата-энелер ай сайын бир балага 450 сомдон төлөп турат. Ошондой эле жергиликтүү бюджеттен да ар бир балага 9 сомдон бөлүнүп турат".

## Жарандардын катышуусунун оштук үлгүсү

2013-жылдын февраль айында мурдагы мэрдин тушунда Ошто өткөн алгачкы коомдук угуулардын бири дале эсимде: 500дөн ашуун адамды облустук администрациянын караңгы, жылытылбаган залына чогултушкан эле. Сууктан улам колу-бутубуз тоңуп калган. Мэрия туура видеотасманы көрсөтүп, өткөн жыл үчүн отчет берген.

Андан кийин элге сөз беришти: микрофонго жеткен адамдар жергиликтүү маселелерди чечип берүүнү өтүнүп жатышты. Сөз сүйлөгөндөр балдар мекемелерин ачууну, өзгөчө муктаждыгы бар балдар үчүн мекемелерди колдоп берүүнү, орто адистиктеги мекемелердин материалдык-техникалык базасын күчтөндүрүүнү, жер алдында өтмөктөрдү, көп ярустуу токтотмолорду курууну ж.б. суранышкан.

Суукка жана убакыттын тардыгына шылтап, Гүлгакы МАМАСАЛИЕВАнын сөз сүйлөөсү үчүн болгону үч мүнөт беришкен. Ошонун өзүндө да Г.МАМАСАЛИЕВАнын сөзүн орто жолдон бөлүп, кол чаап, кыйкырышып, пикирин айтууга бут тосушкан эле. Айрым жарандар залдан чыгып кеткенче шашылышкан. Г. МАМАСАЛИЕВА жарандык сектор бюджеттин ачык-айкындуулугун жогорулатуу зарылчылыгы жөнүндө маселени бир нече жолу көтөрүп келгенин белгилеген: "Биз каражаттар натыйжасыз сарпталып жатат деп айткан жокпуз. Биз жарандар жергиликтүү бюджетти талкуулоого жигердүү катышышы керектигин айтып жатабыз",-деген активист мэрияга жана шаардык кеңешке калк алдында дагы да ачык болууну сунуштаган. "Жергиликтүү ченемдик-укуктук актыларга коомдук экспертиза жүргүзүш керек".

Суроолор көп болуп, адамдар аларды кагазга жазып, бийлик өкүлдөрүнө берүүгө умтулушкан. Бийлик өкүлдөрү болсо бир нерселерди убада кылып, кагаздарды чогултуп алып, шаң менен залдан чыгып кеткен. Бул угуулар мына ушинтип жыйынтыкталган. Болгону наараазычылык кала берген: бийлик шаардыктардын муктаждыктарына кулак төшөгөн эмес жана кайдыгер бойдо кала берген.

Ушул жылдын ноябрь айынын этегинде "Ош ш. мэриясынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө мыйзамды ишке ашыруусу" долбоорунун, ЕККУнун Оштогу Программалык кеңсесинин каражатына, "Интербилим" Эл аралык борборунун Оштогу филиалынын көмөгү менен калаада кезектеги коомдук угуулар өттү. Бул жолу зал көлөмү жагынан чакан болгону менен, жарык туш тараптан тийип, ичи жылуу болду, катышуучулар үчүн чай тыным уюштурулуп, түшкү тамак да берилди. Жолугушууда калкка кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты талкууга алынды.

Филиалдын менеджери Гүлгакы МАМАСАЛИЕВА үч жыл мурда "КРда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзам кабыл алынып, ага ылайык мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине кошулган кызматтарды гана көрсөтө алаарын белгиледи.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине киргизүүнү ведомстволор аралык комиссия чечет. Комиссиянын курамына сөзсүз түрдө жарандык жана бизнес жамааттын өкүлдөрү кириши керек. Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (ЖӨБО) өздөрүнүн кошумча муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүн иштеп чыгып, бекитүүгө жол берет.

Бул үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн аткаруучулары, керектөөчүлөрдүн бирикмелери жана союздары суроо-талап менен кайрылышы керек жана ыйгарым укуктуу орган 30 күндүк мөөнөт ичинде же өзгөрүүлөрдү реестрге киргизет же болбосо баш тартуу тууралуу чечим кабыл алат. Эгерде баш тартса, анда ведомстволор аралык комиссияга, өкмөткө же сотко кайрылса болот.

Шаар жашоочуларынын керектөөлөрүн аныктоо максатында 1300 шаардыктын катышуусу менен изилдөө жүргүзүлгөн. Шаардыктар негизинен жолдордун начар абалына, жумушсуздукка, миграциянын терс кесепеттерине, суунун начар сапатына, коммуналдык кызматтардын канааттандырбаган ишине ж.б. даттанышкан.

Төмөнкүдөй сунуштар болгон: "Коопсуз шаар" программасын киргизүү; балдардын жана окуучулардын коопсуздугуна байланышкан иштерди күчөтүү; ачык-айкындуулук, отчеттуулук жаатында коммуналдык кызматтардын ишин жакшыртуу; шаардыктардын эс алуусун жана бош убактысын натыйжалуу өткөрүүсүн уюштуруу маселесин карап чыгуу; медициналык мекемелердин акынын негизинде кызмат көрсөтүүлөрү боюнча шаардыктарга маалымат берүүнү жакшыртуу.

Эксперттердин жардамы менен муниципалдык мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүнө инвентаризация жүргүзүлүп, 12 кызмат көрсөтүүдөн турган кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн реестри түзүлгөн: анын жетөө акыга жана бешөө акысыз. Угууларда шаардыктарга негиздеп берүү менен бул кызмат көрсөтүүлөрдү реестрге киргизүү маселеси каралды.

Акынын негизинде кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн арасында төмөнкүлөр көрсөтүлгөн: шаардын көчөлөрүндө 970 сомдон 3 522 сомго чейинки баадагы жарнама баннерлерин жайгаштырууга уруксат берүү, жашаган жеринен (15 сом) жана үй-бүлөнүн курамы жөнүндө (20 сом) аймактык кеңештердин маалымкат берүүсү, соода жүргүзүү укугу менен квитанцияны, соода аянтын берүү (10 сом), көтөргөн жүгүнө жараша машинелердин базардын аймагына киргүүсү үчүн жыйым (30-50 сом) ж.б. МАМАСАЛИЕВА бул суммалар негиздүү болгонун жана монополияга каршы комитети менен макулдашылганын кошумчалады.

Жаңы кошумча кызмат көрсөтүүлөрдү талкуулоодо курч дискуссия байкалды. Себеби сурамжылоонун жүрүшүндө төмөнкүдөй сунуштар айтылган: муниципалдык бала бакчаларда орундарды кеңейтүү, муниципалдык мектеп транспортун уюштуруу, тез медициналык жардам машинелеринин санын көбөйтүү, аярлуу үй-бүлүлөрдө өскөн балдар үчүн маданий жайларга барууга талон берүү.

Дагы бир жүрөк ооруткан тема – окуучулар үчүн коомдук транспорт. Белгилүү болгондой, окуучулар үчүн коомдук транспортто жол акы кадимки күндөрү 1 сом, майрам жана дем алыш күндөрү 4 сом турат. Ата-энелер маршруткалардын айдоочулары балдарды түртмөлөп, каалаtotalса 1 сом эмес, 3-5 сом да талап кылаарын айтып даттанышкан.

Көпчүлүк мектептерде балдар 2-3 нөөмөт менен окушат. Айдоочулар балдарды кечки саат алтыдан кийин маршруткага отургузбай койгон учурлар да болот. Мындан улам балдар көчөдө көпкө туруп калууга мажбур болушат. Ал эми кыш мезгилинде ушунун айынан сукка да урунушат. Балдар өздөрүн айдоочулар алдында коргой алышпайт, ал эми ата-энелер бул маселени чечүү жолдорун таппай убара. Ошондуктан сурамжылоо маалында дээрлик бардык ата-энелер жергиликтүү бийликтен мектеп транспортун бөлүп берүүнү өтүнүшкөн.

Угууларда мэриянын жана шаардык кеңештин өкүлдөрү азырынча мэрияда мындай кызмат көрсөтүүнү уюштурууга мүмкүнчүлүгү болбогонун, себеби жыл сайын мэрия окуучуларды ташуу боюнча автотранспорттук ишканаларга компенсация катары белгилүү бир сумманы бөлүп берээрин айтышты. Өткөн жылы бул сумма 17 миллион сомду, бул жылы 12 миллион сомду түзгөн. Бул сумма керектөөлөргө жасалган анализдин негизинде түзүлөт.

Активисттер бул компенсация ачык-айкындуулук жана отчеттуулук жагынан алып караганда бир топ суроолорду жаратарын, автотранспорт ишканалары менен ишти күчөтүш керектигин айтышты. Чыңалууну азайтуу үчүн жарандарга бюджеттик маселелер боюнча көбүрөөк маалымат берип туруш керек.

Тилекке каршы, угууларда акынын негизинде муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен чогулган каражаттын ачык-айкындуулугу жана аны андан ары бөлүштүрүү маселеси козголгон жок. Эксперт Жалалбек БАЛТАГУЛОВ акынын негизиндеги кызмат көрсөтүүлөр бара-бара акысыз болуп, аларга кеткен чыгашалар мекемелердин бюджетине кошулушуна жетиш керектигин белгиледи. Эксперт мындай чечим социалдык чыңалууну жоготууга көмөктөшөт деп ишенет. Муниципалдык ишканалар коммерциялык уюмдарга айланбастан, элге кызмат кылышы керек. Ошондой эле мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү да өнүктүрүү зарыл.

Электр энергиясы, газ жана таштанды чыгаруу үчүн тарифтер реестрге кирбейт. Себеби бул коммуналдык кызматтар мэриянын бюджетинде эмес. Эксперт БАЛТАГУЛОВ бул мамилелер жарандык-укуктук болгонун жана мэрия тарифтердин көлөмүнө таасир тийгизе албай турганын эскертти. Коммуналдык кызматтардын ишин талкуулоо көрсөткөндөй, ушул кезге чейин кызматтар менен алуучулар ортосунда келишим түзүлбөй келет. Бул келишимде кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү жана сапаты көрсөтүлүш керек болчу. Келишим түзүү талабын коюуда демилге көтөрүү, нааразылар болсо сотко кайрылуу сунушу берилди.

## Жергиликтүү аткаминерлердин коммерциялашуусу – кооптуу тенденция

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын максаты – жарандардын жашоосун жакшыртуу боюнча жергиликтүү маселелерди чечүү. Ал эми жеке ишкерчилик менен алектенүү алардын компетенциясына кирбейт. Бул тууралуу Ошто декабрдын башында өткөн "Жергиликтүү демилге: бүгүн, эртең" аттуу форумда айтылды. Иш-чараны Швейцария өкмөтүнүн колдоосу менен ишке ашырылып келаткан "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту уюштурган.

Кыргызстанда 453 айылдык өкмөтү бар, алардын басымдуу бөлүгү дотацияда турат. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бизнес менен алектене алышабы? Бул бюджетти толтуруу аракетиби же акыйкатсыз атаандаштыкпы?" – акыркы мезгилде ушул өңдүү суроолор жарандарды ойлондуруп келет. Бир нече жылдан бери көптөгөн долбоорлордун иши ЖӨБОнун ролун күчөтүүгө, жарандардын ишенимин жогорулатууга жана алардын бюджеттик маселелерге катышуусун күчөтүүгө багытталып келатат.

Андан соң ЖӨБдүн коммерциялашуусу өңдүү көйгөй жаралды – аткаминерлер пайда табууга багытталган ишкердик ишинде ашыкча активдүүлүктү көрсөтө баштады. Өзүнүн бизнес активдүүлүгүн алар дотациядагы райондордо жашаган адамдардын турмуш шартын жакшыртуу үчүн жергиликтүү бюджетти байытуу ниети менен түшүндүрүп келишет.

"Ошентип, жергиликтүү бюджеттердин каражаттары түрдүү инвестицияларга, мисалы, айыл чарба техникасын сатып алууга, курулуш материалдарын жана азык-түлүк продукциясын өндүрүүгө сарпталат. Баш-

кача айтканда, аткаминерлер өз багыты боюнча иштегендин ордуна, тагыраак айтканда, калкты ичүүчү суу менен камсыздоо, жолдорду куруу, таштанды чыгарууну жана жок кылууну уюштуруу маселелерин чечкендин ордуна пайда алууга кызыкдар болуп калышты", - деп түшүндүрдү Өнүктүрүү саясат институтунун программалык менеджери Бектур ОРОЗБАЕВ.

Ченемдерге ылайык, идеалдуу ЖӨБ органынын ишинин 25 пункттан турган тизмесинде "аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу" бар. Эксперттердин баамында, дал ушул пункт ишкердик менен алектенүүгө үндөө катары чечмеленип келет. Бирок мыйзамдарды билбегендин натыйжасында бюджеттик каражатты максатсыз сарптоо көрүнүшү орун алууда.

ЖӨБдүн бизнес менен алектенүүсү жеринде жеке ишкердиктин өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. Ченемдик актыларга ылайык, ЖӨБ жергиликтүү бизнесмендер үчүн шарттарды түзүүгө милдеттүү. Коммерциялык ишкердик деген шылтоо менен кирешенин бир бөлүгү кымырылып, бюджетке түшпөй калышы ыктымал. Аткаминерлердин бизнести уюштуруусу коррупциялык байланыштардын өсүшүнө жана бекемделишине алып келет.

Көзөмөл функциясы прокуратурага жүктөлгөнү менен, коомчулукта да ЖӨБдүн ишине таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгү бар. Бирок иш жүзүндө бул оор. Буга өзгөчө элет жергесинде мыйзамдарды билбегендик себеп болууда. Эксперттер жарандарга көбүрөөк активдүүлүк көрсөтүп, коомдук угууларга катышып, кызыкчылыктарын жергиликтүү депутаттар аркылуу жеткирип, ЖӨБдөн көбүрөөк ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту талап кылууну сунушташат.

ЖӨБ органдары элге кызмат кылуу үчүн түзүлгөн. Тескерисинче болбошу керек. ЖӨБ органдары коомчулукту өз ишинин жыйынтыктары тууралуу кабардар кылып, бул маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыздап берүүгө милдеттүү. Мисалы, бул үчүн такталарга маалыматтарды илип, жолугушууларда отчет берип, жалпыга маалымдоо каражаттарына кабар берип турууга милдеттүү.

КР Конституциясынын 110-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү. "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамда ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикти өз каалоосу боюнча сатып алат, ээлик кылат, пайдаланат жана тескей алышат.

Эксперт эч бир мыйзамда ЖӨБ жеке бизнес менен алектене алат деп жазылбаганын, бирок айрым бир жерлери ЖӨБ органдарына кээ бир кызматтарды көрсөтүүгө жол берээрин белгиледи. Жарандык кодекс мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар формасындагы коммерциялык уюм болуп саналган юридикалык жактарды түзүүгө уруксат берет.

Ошондуктан Жарандык кодекс коммерциялык эмес уюмдарга (мэрияларга, айыл өкмөттөрүнө) бул алардын уставдык максаттары үчүн зарыл болгондуктан гана ишкердик иши менен (муниципалдык ишканалар аркылуу) алектенүүгө уруксат берет. Ал эми уставдык максат бирөө эле – бул жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү.

Эксперт мыйзамдарда ЖӨБ органдарынын коммерциялык ишке катышуусунун жол-жобосун так жазыш керек деп эсептейт. Бирок азырынча бул ишке аша элек. Ал жергиликтүү кеңештердин депутаттары сабаттуу болуп, жергиликтүү бийлик калкка кызмат кылышы керек деп эскертти.

## Алга карай кадам

8-декабрда Ошто өткөн "Укуктук билим күнү" аттуу жармаңке жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө даттанууларын жана дооматтарын билдире ала турган, баарлашууга шарт түзгөн иш-чаралардын бири болду. "Интербилим" Эл аралык борборунун филиалы уюштурган жармаңке 35 мамлекеттик уюмдун, муниципалдык ишканалардын жана бейөкмөт уюмдардын башын бириктирди.

Бир нече саатка созулган жармаңкеге 300дүн тегерегинде адам катышты. Келгендер төмөнкү тармактардагы адистерге суроолорду узата алышты: шаар курулушу, социалдык коргоо, шаарды тазалоо, суу жана электр менен камсыз кылуу, билим берүү, мүлккө укуктарды каттоо, документтерди алуу, юстиция, укуктарды коргоо.

Консультанттар ачык болуп, кеп-кеңештерин аяшкан жок. "Энсан Диамонд" фондунун кызматкери Алима КАДЫРОВА белгилегендей, адамдар адистер менен бетме-бет сүйлөшүп, толук консультацияларды алышты: "Бийлик элге жакын болуп калды. Адамдар байланыш үчүн телефон номурлары менен алмашып, таратып берме материалдар менен таанышып чыгышты. Жармаңке кайсы бир түрүндө адамдар жана уюмдар үчүн коммуникациялык аянтча болуп калды".

Алима КАДЫРОВА адамдар кандай маселелер боюнча укук коргоо уюмдарына кайрылышкан айтып берди. Алар: аялдарга укуктук билим берүү, балдар үчүн жөлөкпул алуу, чет өлкөлүк жарандардын Кыргызстандын аймагында жумушка орношуусу, үй-бүлөсү жана кичинекей балдары болгон учурда чукул альтернативалык кызмат өтөө, мүлктүк маселелер боюнча сот иштери. Зарылчылык болгон учурда жарандарды башка адистерге жиберип жатышты.

Жармаңкеге катышууга бардыгына текши чакыруу жиберилгени менен, тилекке каршы, катыша албаган кызматтар да болду. Мисалы, "Ош ТЭЦ" муниципалдык ишканасынын, "Көрктөндүрүү жана жашыл чарбасы боюнча Ош комбинаты" мамлекеттик ишканасынын, Муниципалдык менчикти башкаруунун өкүлдөрү келген жок.

Мэриянын өкүлдөрү жана уюштуруучулар келечекте ушул өңдүү иш-чаралар туруктуу өтүп, кадыресе көрүнүшкө айланат деген үмүтүн билдиришти. Себеби мындай иш-чаралар ведомстволордун ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатууга, коррупцияны азайтууга жана калктын ишенимин бекемдөөгө көмөктөшөт. M

# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## Бишкекте 2018-2023-жылдарга жергиликтүү деңгээлде муниципалдык кызматтарды көрсөтүү системасын оптималдаштыруу боюнча иш-чаралардын Планы тартууланды

2018-жылдын 14-февралында 2018-2023-жылдарга жергиликтүү деңгээлде муниципалдык кызматтарды көрсөтүү системасын оптималдаштыруу боюнча иш-чаралар Планынын бет ачары өттү. Ага мамлекеттик органдардын, эксперттик коомчулуктун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Бул план "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун колдоосу алдында КР Экономика министрлиги тарабынан иштелип чыкты. Аталган долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуунун түрдүү өңүттөрү боюнча маселелерди комплекстүү чечүү бул документтин негизги максаты болуп саналат. Документ эл аралык тажрыйбага; жергиликтүү маанидеги маселелерге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын турмуш тиричилигин камсыздаган функцияларга жасалган анализди; мындай кызматташтыктын тейлеме (кардарга негизделген) мүнөзүн уюштурууда бардык катышуучу тараптардын өз ара аракеттенүүсүнө жасалган анализди; укуктук жана уюштуруучулук анализди камтыгандыктан баалуу болуп саналат.

"2011-жылдан бери мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштыруу боюнча мыйзамдардын чөйрөсүндө өтө чоң иштер жасалды. Бирок биз муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жаатында бир топ боштуктарды көрүп турабыз. Биз бүгүн тартуулап жаткан План өз убагында чыкты жана зарыл документ болуп саналат", - деп айтты КР Экономика министрлигинин Статс-катчысы Шаршеев А.О.

Планды тартуулап, аны жакшыртуу боюнча сунуштарды алгандан кийин План КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр системасын оптималдаштыруу боюнча Ведомство аралык комиссиянын кароосуна жиберилет.





